**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

## ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТЫ

**Кыргыз Республикасынын окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын 5-11- класстары үчүн**

**Бишкек - 2022**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

## ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТЫ

Кыргыз Республикасынын окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн «Кыргыз тили» боюнча предметтик стандарты – Бишкек, 2022. - 50 б

**Предметтик стандартты иштеп чыккандар:**

**Рысбаев С.,** педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери
**Эсеналиева К.Э.,** педагогика илимдеринин кандидаты, профессор, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун филологиялык билим берүү кафедрасынын башчысы
**Оморова А.,** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун улук окутуучусу
**Батыркулова А.**, педагогика илимдеринин кандидаты, КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы

**Рецензенттер:**

**Сарылбекова З.,** педагогика илимдеринин кандидаты, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окутуучусу
**Саадатбек к.,** Бишкек шаарындагы №12 мектеп-гимназия окуу-тарбиялоо комплексинин кыргыз тили мугалими.

Кыргыз Республикасынын окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн кыргыз тили жана окуу боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыккан.

Аталган стандарт 5-11-класстар үчүн экинчи тил катары кыргыз тили боюнча окуу программаларын, окуу китептерин жана окуу-методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

**М А З М У Н У**


**1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**

1.1. Документтин статусу жана түзүмү ....................................................................4

1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн негизги ченемдик документтердин системасы .........................................................................................4

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер ……………………………………..…....5

**2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ**

2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери ........................................................11

2.2. Предметти түзүүнүн методологиясы ..............................................................17

2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр ....................................................................17

2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы ...................18

2.5. Мазмундук линиялар. Окуу материалдарынын мазмундук линиялар жана класстар боюнча бөлүштүрүү ....................................................................21

2.6. Предметтер аралык байланыштар, өтмө тематикалык линиялар ...................26

**3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖАНА БААЛОО**

3.1. Окуучуларды окутууда күтүлгүүчү жыйынтыктар (баскычтар жана мазмундук линиялар боюнча) ...............................................27

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары жана ченемдери..........................................................................................38

**4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР**

4.1. Окутуунун методикасына коюлган негизги талаптар...................................41

4.2. Предметтик стандарттын талаптарын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берүүчү ресурстук камсыздоонун минималдуу талаптары............................48

4.3. Мотивациялоочу жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү..................................48

**АДАБИЯТТАР**.......................................................................................................49

## 1-бөлүм. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 1.1. Документтин статусу жана түзүмү

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлүүчү мектептердин 5 – 11-класстары үчүн кыргыз тили боюнча предметтик стандарт Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 22-июлундагы «Кыргыз Республикасында орто жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндө» № 393 Токтомунун негизинде иштелип чыккан.

Аталган стандарт кыргыз тилин Кыргыз Республикасынын мектептеринде экинчи тил катары үйрөтүүнүн негизги стратегиясын, урунттуу приоритеттүү багыттарын аныктайт, билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталат.
Стандарт, негизинен, жалпы билим берүүчү уюмдарында кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөнүүнүн натыйжаларын, аларга жетүүнүн жана өлчөп, баалоонун минималдуу өзөгүн аныктап, жөнгө салуучу документ. Ал *билим берүүчүлүк парадигмадан компетенттүүлүктү калыптандыруу парадигмасына өтүү менен натыйжага негизделип окутуу сунушталат.*

Стандарттын негизинде окуу программалары түзүлөт. Ал программанын негизинде окуу китеби жана окуу методикалык топтому иштелип чыгат.

Предметтик стандарт 4 бөлүмдөн турат: Жалпы жоболор, Предметтин концепциясы, Билим берүүнүн жыйынтыктары жана баалоо (компетенциялар) жана Билим берүү процессин уюштурууга карата талаптар. Анда документтин статусу жана түзүлүшү аныкталып, окутуунун максаттары жана милдеттери, предметти түзүүнүн методологиясы такталат. Негизги жана предметтик **компетенттүүлүктөр,** алардын байланыштары, окуу материалдарынын мазмундук логикалык түзүмдөрү жана класстар боюнча бөлүнүштөрү жүзөгө ашырылат. Предметтин концепциясы, билим берүүнүн жыйынтыктары жана баалоо, билим берүү процессин уюштурууга карата талаптар, предметтик стандарттын талаптарын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берүүчү ресурстук камсыздоонун минималдуу талаптары, мотивациялоочу жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү талаптары иштелип чыккан.

### 1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн негизги ченемдик документтердин системасы

**Билим берүү системасынын ишмердүүлүгүн жетектөөчү негизги документтер** билим берүүдөгү артыкчылыктуу багыттарды аныктайт, инновациялык коммуникация технологияларын, окутуунун интерактивдүү ыкмаларын киргизүү, XXI кылымдын көндүмдөрүн өнүктүрүү: сынчыл ой жүгүртүү, чыгармачылык, баарлашуу, кызматташуу. Тил саясаты мамлекеттик тилди билүү, расмий тилди жана чет тилдердин бирин билген үч тилдүү муунду калыптандырууга багытталган.

Стандарт төмөнкүдөй ченемдик-укуктук актыларга негизделет:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2021- жыл, 5-май);
2. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы, 2003.
3. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Мыйзамы (2004-жылдын 2-апрели №54 2009-жылдын 8-декабрындагы №307, 2010-жылдын 19-январындагы №8, 2011-жылдын 6-октябрындагы №165, 2013-жылдын 25-февралындагы №33, 2015-жылдын 23-июнундагы №135 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

4. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы (КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы №200 Токтому)
5. «Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө», Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому.
6. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-11-класстары үчүн кыргыз тили боюнча предметтик стандарты. - Б., 2018.
7. Кыргыз Республикасындагы көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы – Б., 2008.
8. 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында Инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-июлундагы №360 токтому
9. Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы. – Б., 2012.
10. Кыргызстандын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясы.-Б.,2021./https://edu /gov.kg/events/18/
11. "Кыргызтест" мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоо тутумун өнүктүрүү жана киргизүү концепциясы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 26-мартындагы № 150 токтому)
12. Кыргыз Республикасынын Президентинин "Инсанды руханий-адептик жактан өнүктүрүү жана дене тарбиясы жөнүндө" Жарлыгы Б., 2021-жыл.
13. 2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасында жарандык инсандыкты өнүктүрүү концепциясы (КР Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы №39 Жарлыгы)
14. Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү программасы (КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрындагы №510-токтому)
15. 2018-2040-ж. Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы
16. Кыргыз Республикасындагы көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы (КР ББИМ коллегиясынын 2008-жылдын 24-апрелиндеги №3/1чечими менен бекитилген)
17. "Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын 2022-2023-окуу жылына базалык окуу пландарын бекитүү жөнүндө"

## 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Бул стандартта аныктамалар жана кыскартуулар Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 22-июлундагы «Кыргыз Республикасында орто жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндө» № 393 Токтомунун негизинде иштелип чыгып, колдонулган.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде билим берүүнүн *Мамлекеттик стандарты жана Предметтик стандарт* жана андагы компетенттүүлүктөр аныкталып, анын натыйжага негизделиши, репродуктивдүү, продуктивдүү, креативдүү 3 деңгээлге бөлүүдө Б.Блумдун таксономиясын колдонуу аркылуу окутуу технологиясы сунушталган.

Кыргыз тилин окуп-үйрөнүүдө Европада кабыл алынган классификация боюнча тил билүү деңгээлдеринин матрицасы негиз катары алынат. Кыргыз Республикасында орто жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты сунуштаган тил билүү деңгээлдерине ылайык, 5-11-класстарда кыргыз тилин экинчи тил катары окуп-үйрөнүүдө: оозеки кепти

угуп түшүнүү, сүйлөө, окуп түшүнүү, оюн жаза билүү жана грамматиканы функционалдуу колдонуу аркылуу тилди өздөштүрүү компетенттүүлүгү бааланат.

**Баа** – шарттуу түрдө сан, тамга же башка белгилер (символдор) менен туюнтулган окуучулардын окуудагы жетишкендиктери.

**Баа берүү** – окуучулардын мамлекеттик жана предметтик стандарттарда бекемделген компетенттүүлүктөрүнүн калыптануу даражасынын натыйжасын сапаттык жактан аныктоо, жыйынтыктоо.

**Баалоо** – окуучулардын таанып-билүү ишмердигине, мугалимдин, класстын, мектептин ишине байкоо жүргүзүү, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында маалыматты сыпаттоо, чогултуу, каттоо жана чечмелөө процесси. Бул билим берүүдөгү пландалган күтүлүүчү натыйжаларга дал келүү даражасына жеткирүү үчүн кайтарым байланыштарды жүргүзүү, прогресске умтулууга шарт түзүүчү калыптандыруучу баалоо процесси.

**Билим берүү (окуу) программасы** — предметтик стандарттын негизинде иштелип чыккан жана предметтин мазмунунун окутуу темалары, бөлүмдөрү жана мезгилдери боюнча бөлүштүрүлгөн, уюштуруу-педагогикалык шарттарды, аныш ичинде болжолдуу календардык-тематикалык пландаштырууну жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун формаларын жөнгө салуучу документ.

**Билим берүү натыйжасы** – негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү өздөштүрүү деңгээлинде чагылдырган, билим берүү процессинин белгилүү этабындагы окуучулардын билим алуу жетишкендиктеринин топтому

**Билим берүү чөйрөсү** – адамдын ишмердигинин белгилүү чөйрөсүнө таандык илимий жана практикалык иштин педагогикалык жактан ыңгайлашкан тажрыйбасы түрүндө берилген билим берүүнүн мазмуну. Окуучуларга окутуучу жана тарбиялоочу таасир тийгизген атайын уюштурулган шарттардын, процесстердин жана социалдык өз ара аракеттенүүлөрдүн жыйындысы.

**Билим берүүнүн сапатын баалоо системасы** – окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин, билим берүү уюмдарынын жана алардын системасынын иштеринин натыйжалуулугун, билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн негизги керектөөчүлөрүнүн суранычтарын эске алуу менен билим берүү программаларынын сапатын бирдиктүү концептуалдык-методологиялык базага негизделген баалоону камсыздаган уюштуруучулук жана функционалдык түзүмдөрдүн, ченемдердин жана эрежелердин жыйындысы.

**Гендердик теңчилик** – аялдар менен эркектердин бирдей укуктук статусу жана аны ишке ашыруунун бирдей мүмкүнчүлүктөрү, жынысына карабастан адамдарга жашоонун саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык, коомдук жана маданий чөйрөлөрүндө өз мүмкүнчүлүктөрүн эркин пайдаланууга мүмкүндүк берет.

**Гендердик стереотип -** бул аялдар менен эркектер ээ болгон, ээ болууга же аткарууга тийиш деп эсептелген мүнөздөмөлөр жана ролдор жөнүндө жалпыланган көз караш же алдын ала түшүнүү.

**Гендердик сезимталдык -** жыныс белгиси боюнча басмырлоонун негизинде жаткан социалдык-маданий факторлорду көңүлгө тутуу жана түшүнүү. Пландалып жаткан өзгөртүүлөр жана ыкмалар аял менен эркектин акыбалын эске алып, алардын акыбалын андан ары начарлатпаса жана гендердик теңсалмактуулукка жетүүгө өбөлгө болсо, анда алар гендердик жактан сезимтал болот.

**Дискриминация -** Калыптанган маданиятка, каада-салтка жана көз карашка ылайык адамдардын тобун же адамдын өзүн системалуу түрдө басмырлоо

**Долбоордук окутуу** – практикалык же теориялык маанилүү маселелерди чечүүдө алынуучу, окуучулардын өз алдынча жана топтук ишин талап кылган натыйжаларга багытталган окуучулардын когнитивдик (таанып-билүү), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук ишмердигин уюштурууну камсыз кылуучу

педагогикалык технология.

**«Жашыл көндүмдөр»** – жашоодо экологиялык коопсуз ыкмаларга ээ болуу, ресурстарды үнөмдөөчү туруктуу коомду өнүктүрүү жана колдоо, экологиялык көйгөйлөрдү аныктоо, чечүү жана алдын алуу үчүн зарыл болгон билимдер, баалуулуктар жана көрсөтмөлөр.

**Индивидуалдуулук** – жеке адамдын кайталангыс бөтөнчөлүгү, бир гана өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүнүн жыйындысы. *Индивидуалдуу стиль (педагогикалык)* – педагогикалык иш-аракеттердин жана баарлашуунун конкреттүү педагогго таандык өзгөчө стили.

**Индикатор/Көрсөткүч** – бул бир нерсенин абалын чагылдыруучу же көрсөтүүчү чен, «өлчөгүч прибор». Окуп үйрөнүүнүн натыйжаларынын көрсөткүчү (индикатору) – окуучунун жүрүм-турумунан байкалуучу, болжолдонгон натыйжага жетишилгендигин далилдөөчү конкреттүү белгилер. Бааланууучу кубулуштун абалын билүү үчүн көмөк көрсөтүүчү конкреттүү мүнөздөмөлөр, сандык маалыматтар, көрсөткүчтөр, өлчөгүчтөр («Кантип, эмненин жардамы менен өлчөөлөрдү жүргүзүүгө болот?» - деген суроого жооп берет).

**Инклюзивдик билим берүү** - билим берүү муктаждыктарынын ар түрдүүлүгүн жана жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен бардык окуучулар үчүн билим алууга бирдей мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу.

**Инклюзия –** билим берүүгө киргизүү (кошуу) - айрым окуучулардын ар кандай керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн мектептеги маданиятты, саясатты жана практиканы трансформациялоо зарылдыгын таануу, ошондой эле бул мүмкүнчүлүккө тоскоолдук кылган тоскоолдуктарды жоюу милдети; инклюзивдүү мамиле социалдык жана физикалык чөйрөнү өзгөртүүнү камтыйт, ал бардыгы үчүн достук жана жеткиликтүү болууга тийиш.

**Инсан** – жеке бөтөнчөлүгү (индивидуалдуулугу) коомдук-тарыхый шарттарга жараша калыптанган адам.

**Инсандык мамиле** – педагогдун тарбияланууучуну өзүнүн өсүшү үчүн жоопкерчиликтүүлүгүн аңдап билген инсан, тарбиялык иштин субъекти катары тааныган ырааттуу мамилеси.

**Интерактив** – (*анг.* inter - өз ара, act - иш-аракет); кимдир бирөө менен иштешүү, аңгемелешүү, диалог жүргүзүү кырдаалы. Интерактивдүү усулдар окуучулардын мугалим менен эле эмес, өз ара да кыйла кеңири иштешүүсүнө, окуу процессинде окуучулардын демилгелүү болушуна ылайыкталат. Интерактивдүү сабактарда мугалим окуу максатына жетүү үчүн окуучулардын ишмердигин багыттап гана турат.

**Кайтарым байланыш** – иш–аракеттер, кырдаалдар, талаш маселелер жана максатка эң жакшы жол менен жетишүүгө өбөлгө түзүүчү конкреттүү иш-аракеттер жөнүндө түшүндүрмөлөрдү (сын пикирлерди) кабарлоо жана алуу процесси; окутуу процессинде алынуучу, мугалимге окуучунун жетишүүсүн *формалдуу эмес* баалоо мүмкүндүгүн бере турган маалымат. Кайтарым байланыш окуучунун да билимдеги өз кемчиликтерин көрүшүнө жана аларды четтетишине өбөлгө түзөт; конкреттүү аракеттер, кырдаалдар, талаш маселелер тууралуу комментарийлерди (пикирлерди) алуу процесси. Анда эң аз болгондо эки адам катышат: кайтарым байланышты берүүнү сураган жана кайтарым байланышты берген адам.

**Калыптандыруучу баа берүү** – белгилүү бир окуу натыйжасына жетишүү процессинде окуучулардын деңгээли жөнүндө мугалимге маанилүү маалыматты берген окуу процессиндеги баа; кыйынчылык болгон жерде билим берүүнү өркүндөтүү үчүн

мугалим жана окуучу кийинки кандай кадамдарды жасашы керектиги; мугалим тарабынан окутууну өз убагында жөнгө салуу, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү, усулдарды тандоо жана жалпы эле окуу процесси, кайтарым байланыш жана дифференциалдуу окутуу аркылуу окуучулардын билимин колдоо үчүн колдонулат.

**Кеп үлгү** – конкреттүү бир кырдаалда анык бир моделде колдонула турган сөздөрдүн стандарттык үлгүсү, сөз айкаштарынын жана синтаксистик конструкциялардын типтүү схемалары. Тил окутуунун коммуникативдик негизинде үйрөтүлөт.

**Кептик көндүм** – грамматикалык модель боюнча кепти туура куруу көндүмдөрү жана билгичтиктери;

**Кептик таяныч үлгү** – кепте көп кайталануучу жана белгилүү кеп чөйрөсүнүн катыштык талаптарына ылайык колдонуучу даяр кеп формулалары. *Мисалы: Сөз бериңиз, иштер кандай, кутмандуу кеч, ж.б.*

**Клише** (фр. cliche) –типтүү кептик контекстте жана кырдаалда механикалык түрдө айтылган стереотиптик сөз туюнтулушу.

**Коммуникативдик көндүм** – түрдүү кырдаалдарда баарлаша алуу билгичтиги.

**Конструкция** – бул грамматикалык мааниге ээ, кептеги тилдик биримдикти өз ичине камтыган синтаксистик байланыштагы сөз айкашы, сөз биримдиги.

**Компетенттүүлүк** – бул адамдын тиешелүү билимдеринин, билгичтиктеринин элементтерин жана иш-аракеттеринин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, турмуштук, кесиптик) өз алдынча колдоно алуу жөндөмдүүлүгү;

**Коопсуз билим берүү чөйрөсү –** окутуу шартын камсыз кылган чөйрө, анда окуп жаткандарга таасир эте турган зыяндуу же коркунучтуу факторлор болбойт же алардын таасири аныкталган ченемден ашпайт.

- Физикалык коопсуздук коопсуз имараттарды, курулмаларды, инфраструктураларды, кайтарууну, терроризмден корголгондукту билдирет.
- Экологиялык коопсуздук коопсуз тамактануу, гигиена менен санитария, эмеректердин, жабдуулардын сапаты, турак жайдын ичиндеги микроклимат, жарыктандыруу, жалпы билим берүүчү уюмдардын химиялык булгануу тобокелчилигин жок кылуу маселелерин жөнгө салууну өзүнө камтыйт.
- Психологиялык жана маалыматтык коопсуздукка зомбулуктун бардык түрүн минималдаштыруу, инсандын өнүгүүсүнө шарт түзгөн, толеранттуу чөйрөнү уюштуруу, ошондой эле маалыматтык тобокелчиликтерден коргоо кирет.

**Коммуникация** – карым-катыш, баарлашуу, маалымат алмашуу.

**Кошумча билим берүү** – жарандардын кошумча билим алуу муктаждыгын канааттандыруу үчүн уюштурулган окутуу. *Балдарга кошумча билим берүү* – жалпы билим берүү ж. б. билим берүү уюмдарында окуудан бош мезгилинде базалык билим берүүдөн тышкары кошумча программаларды өздөштүрүү аркылуу балдардын, өспүрүмдөрдүн жана жаштардын кесипти эркин тандоосуна жана алардын кызыкчылыктарын, рухий талаптарын жана муктаждыктарын толугураак канааттандырууга негизделген мектепке чейинки, мектептик жана кесиптик билим берүү тутумунун бир бөлүгү.

**Критерийлер боюнча баалоо** - бул окуучулардын билим жетишкендиктери так аныкталган, биргелешип иштелип чыккан, мурда окуу процессинин бардык катышуучулары үчүн белгилүү болгон, билимдин максаттарына жана мазмунуна шайкеш

келген критерийлер менен салыштырып, окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандырууга негизделген баа.

**4к компетенттүүлүгү** – адамга/окуучуга ар кандай чөйрөдө ийгиликтүү иштөөгө жардам берген төрт негизги көндүмдөрдүн тутуму (чыгармачылык, сынчыл ой жүгүртүү, кызматташуу жана коммуникация).

- **Сынчыл (критикалык) ойлом** – маалыматтардын агымын туура тандай алат, себеп- натыйжа байланыштарын көрө алат, керексиздерин алып салып, жыйынтык жасай алат.
- **Креативдүүлүк (чыгармачылык)** – кырдаалды ар тараптан баалоо, адаттан тыш чечимдерди кабыл алуу жана өзгөрүлүп жаткан жагдайларда өзүн ишенимдүү сезүү.
- **Коммуникация -** сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана байланыш түзүү, маектешти угуу жана өз көз карашыңызды жеткире билүү.
- **Кооперация (кызматташуу)** – башка адамдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү,
  ар кандай командаларда иштөө, жалпы максатты жана ага жетүү жолдорун аныктоо,
  ролдорду бөлүштүрүү жана натыйжаны баалоо.

**Лексикалык минимум** – окуп үйрөнүү процессинин анык бир убакыт аралыгында окуучулар үйрөнүшү зарыл болгон лексикалык бирдик. Лексикалык минимумдун сандык жана сапаттык курамы сабактын максатына, этабына, тилди үйрөнүүгө берилген окуу сааттарынын санына көз каранды. Лексикалык минимум – тема боюнча аныкталган негизги түшүнүк жана терминди түшүндүрүү үчүн кеңейтилген сөз, сөз айкаштары.

**Маданий-тилдик иденттүүлүк** – өздөштүрүлүшү коомдук-маданий ыңгайлашууга, тилдик чөйрөгө биригүүгө түрткү боло турган окуу жана баарлашуу тилин аныктоо.

**Мазмундук тилке (линия)** – окуу предметинин мазмунун аныктап турган өзөктүк, тематикалык багыттар.

**Медиасабаттуулук** – билдирүүлөрдү ар кандай формада колдонуу, талдоо, баалоо жана жеткирүү жөндөмдүүлүгү.

**Мониторинг** – адамдын ишмердүүлүгүнө байланыштуу айлана-чөйрөнүн абалына байкоо жүргүзүү, баа коюу жана божомолдоо.

**Мотивация/Ички каалоо** (*лат.* movere – кыймылга келтирүү, түрткү берүү) – инсандын, аң-сезими менен түшүнгөн, кыймыл-аракеттерин жана жасай турган жумуштарды тандоодо негиз болгон себеп; талдоо негизинде тынымсыз жүрүп туруучу тандоо менен чечим кабыл алуу процесси; окууга болгон каалоо, иш-аракетке умтулуу; адамдын жүрүм-турумуна, багытталышына жана жигердүүлүгүнө таасир этүүчү жагдайлардын, анын муктаждыктарынын, умтулууларынын жыйындысы.

**Натыйжалар (билим берүүдөгү)** – билим алуучулардын инсандык, жарандык жана кесиптик жактан өзүн өзү аныктоосун ишке ашыруу үчүн зарыл жана жетиштүү болгон жекече компетенттүүлүктөрүнүн топтому.

**Натыйжалар (билим алуудагы)** – окуучунун инсандык, жарандык жана кесиптик өзүн аныктоосундагы зарыл жана жетишерлик болгон жеке компетенттүүлүктөрүнүн жыйындысы. Билим берүү процессинин белгилүү баскычында бүтүрүүчү тарабынан окутуу максатынын орундалышы иретинде туюндурулат.

**Негизги компетенттүүлүктөр** – социалдык, мамлекеттик, кесиптик тапшырыкка ылайык аныкталган, окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылган жана окуучунун

социалдык тажрыйбасына негизделген көп функциялуулукка ээ болгон жана предметтен жогору турган билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжасы.

**Окутуу максаты –** окуучулар когнитивдик (таанымдык), аффективдик (сезимдик-баалуулук) жана жүрүм-турумдук чөйрөлөрдө жетише турган окутуунун акыркы жана аралык натыйжалары. Окуучулардын орчундуу жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн белгилүү деңгээлин өздөштүрүүсүнөн көрүнгөн (мугалим мыкты аңдап-түшүнө жана баалай биле турган) окутуунун натыйжалары аркылуу туюндурулат.

**Окутуу технологиясы –** так жана конкреттүү коюлган максатты (окутуунун натыйжаларын) жана ага ийгиликтүү жетүүнү камсыз кылуучу окутуу усулдары менен ыктарын пайдаланууну камтыган мугалим менен окуучунун өз ара аракеттешүүсүнүн үлгүсү. Окутуу технологиясы мугалим менен окуучунун иштиктүү өз ара аракеттешүүсүнүн камсыз кылган таанып-билүү ишмердигинин стратегиясына негизделет.

**Окутуу усулдары** (тар мааниде «усул-ыкма») – бул (мугалим жетектөөчү роль ойногондо) окутуунун билим берүүчүлүк, өстүрүүчү жана тарбиялоочу максаттарына жетишүүгө багытталган мугалим менен окуучулардын өз ара аракеттешүүсүнүн белгилүү ыкмалары (кеңири мааниде «усул-концепция») – окутуунун ыкмалары менен каражаттарынын жыйындысы.

**Окуучулардын жетишкендиктери** – окуучулардын белгилүү бир убакыттагы көрсөткүчтөрүн салыштырмалуу сандык анализдин жылышы; башталгыч мектепти бүтүрүүчүлөрүнүн сандык жана сапаттык маалыматтарынын жакшы жакка өзгөрүүсүнүн динамикасы.

**Окуудан күтүлүүчү натыйжалар** – билим берүү процессинин белгилүү бир баскычындагы негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болуу деңгээлдери көрүнүп турган окуучулардын жетишкендиктеринин жыйындысы;

**Окутуу технологиясы –** билим берүүнүн максаттарына жана натыйжаларына жетишүүгө жана өлчөөгө багытталган окуу процессин уюштуруунун ыкмаларынын жана методдорунун тутуму.

**Өз ара баалоо** – окуучулар өздөрүнүн биргелешкен ишмердигин талдап, бирин бири баалашат.

**Өзүн-өзү баалоо** – бул өзүнүн күчтүү жана начар жактары, мүмкүнчүлүктөрү жана кемчиликтери жөнүндө маалымат чогултууга багытталган процесс; (2) инсандын өзүн-өзү баалоосу, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, сапаттарын жана адамдардын арасындагы ордун; инсандын кыймыл-аракетинин бирден бир күчтүү регулятору. Башкалардын арасында өзүн, өз мүмкүнчүлүктөрүн, сапаттарын, өзүнүн ордун баалоо.

**Предметтик стандарт** – окуу предметинин алкагында окуучулардын жетишкендиктерин, аларга жетүү жана аларды баалоо ыкмаларын жөнгө салган документ.

**Предметтик компетенттүүлүктөр** – билим берүү натыйжаларынын жыйындысы түрүндө айрым предметтердин материалында аныкталуучу компетенттүүлүк.

**СМАРТ (SMART)** – (*анг.* **S**pecific - конкретүү, **M**easurable - өлчөнүүчү; **A**chievable - жетишилүүчү, **R**esult-oriented - натыйжага багытталган, жана **T**imed - анык мөөнөткө ылайык келүүчү); максат коюу ыкмаларынын бири катары *SMART-критерийлердин:* конкреттүү, өлчөнүүчү, жетишилүүчү, натыйжага багытталган жана анык мөөнөткө ылайык келүүчү деген талаптардын топтому.

**Социалдаштыруу** (*лат.* socialis – коомдук) – адамдын баарлашуу жана ишмердүүлүк аркылуу коомдогу социалдык тажрыйбаларды өздөштүрүп, өзүнө сиңирүүсү жана аны өзүнүн жүрүм-турумуна колдонуусу.

**Социалдык адаптация** – адамдын өзгөрүп жаткан социалдык чөйрөгө ыңгайлашуусу, жаңы топко көнүгүшүп кетүүсү.

**Социалдык коргоо** – адамдардын укуктары менен эркиндиктерин сактоого, жүзөгө ашырууга, татыктуу жашоо деңгээлин камсыздоого берилүүчү экономикалык, социалдык жана укуктук кепилдиктер.

**Скаффолдинг –** бул көйгөйдү чечүү үчүн, тапшырмаларды аткаруу үчүн же баланын жеке аракеттеринин, мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинен тышкары максаттарга жетишүү үчүн балага ар кандай колдоо көрсөтүүнүн түрлөрүн камсыз кылган мамиле. Бул окуучулар арасында өз алдынчалуулукту акырындык менен түзүүгө жардам берген усул.

**Тилдик (лингвистикалык) көндүм** – бул экинчи тилди окуп үйрөнүүдө окуучунун калыптана турган көндүмдөрүнүн (кептик, коммуникативдик көндүмдөр менен катар) бири, морфологияны, синтаксисти, сөздүн курулушун билүү;

**Тилдик конструкция** – бул синтаксистик байланыштагы сөз айкашы, сөздүк курулуш.

**Тилдик модель** – туруктуу элементтерден турган, мыйзам ченемдүү байланыш менен бириктирилген, символдор менен берилүүчү тилдик үлгү.

**Туташ эмес текст** – маалымат сөз менен гана берилбеген текст. Текстте бир нече маалымат булагы болот, окуучулар алар менен иштешет. Туташ эмес тексттерде таблицалар, графикалар, схемалар, таяныч конспектилери, окуу китептердеги иллюстрациялар, транспорт кыймылынын расписаниеси, сайттардын карталары, көрсөтмөлөр ж.б. кирет.

**Туташ текст** – формулалар, таблицалар, баш темалар, иллюстрациялар жок текст. Алар түрдүү жанрдагы жана түрдөгү тексттер, анын ичинде аңгемелер, ырлар, макалалар, мектеп дил баяндары.

**Усул (метод)** (грек. *metodos – жол*) – турмуш-тажрыйбада таанып-билүүнүн белгилүү натыйжаларына жетүү ыкмасы

**Фасилитация** – (*анг.* facilitate – жеңилдетүү, көмөктөшүү, жардамдашуу, жагымдуу шарт түзүү); окутуу процессинде окуучунун изденүүсүн коштоп, ага жардамчы болуу. Ушундай ишти аткарган адам фасилитатор деп аталат. Ал даяр жоопту айтып бербестен, окуучунун оюндагыны аныктап, маалымат алмашууга багыттай турган, окуучулардын тажрыйбасын тартууга, алардын дараметин пайдаланууга жол ача турган изилдөөчү суроолорду берет. Фасилитатор-мугалим класста чыныгы, баалуу мамилеси жана эмпатиясы (бирөөнүн абалын кошо сезиши, түшүнүшү) менен мүнөздөлүүчү жагымдуу маанайды түзөт.

**Функционалдык сабаттуулук –** адамдын ишмердүүлүгүнүн, баарлашуунун жана коомдук мамилелердин ар кандай чөйрөлөрүндө практикалык жана турмуштук маселелердии кенири диапазону» чечүү үчүн окуу процессинде алган билимдерин, билгичтигин жана көндүмдөрүн колдоно алуу жөндөмдүүлүгү.

**Шыктандыруу / Ички каалоо** – (*лат.* movere – кыймылга келтирүү, түрткү берүү): (1) инсандын, аң-сезими менен түшүнгөн, кыймыл-аракеттерин жана жасай турган жумуштарды тандоодо негиз болгон себеп; (2) талдоо негизинде тынымсыз жүрүп туруучу тандоо менен чечим кабыл алуу процесси; (3) окууга болгон каалоо, иш-аракетке умтулуу; (4) адамдын жүрүм-турумуна, багытталышына жана жигердүүлүгүнө таасир этүүчү жагдайлардын, анын муктаждыктарынын, умтулууларынын жыйындысы.

# 2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

## 2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери

Предметтик стандарт башталгыч жалпы, негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн жыйынтыктарына коюлган Мамлекеттик стандарттын талаптарын тактайт жана ишке ашырат. Предметтик стандарт билим берүү тармагынын ичинде уланмалуулукту жана ырааттуулукту камсыз кылат.

Мамлекеттик жана предметтик стандарттардын талаптарында белгиленген билим берүүнүн натыйжаларына ээ болгон бүтүрүүчүнүн төмөнкү **модели** түзүлөт:

1) башталгыч жалпы модель

2) негизги жалпы модель

3) жалпы орто модель.

**1. Башталгыч жалпы билим берүүнүн бүтүрүүчүсүнүн модели:**

- окуунун жана окуганын түшүнүүнүн, жазуунун, курчап турган дүйнөгө байкоо жүргүзүүнүн, өлчөөнүн, эсептөөнүн базалык көндүмдөрүнө ээ болот, маалыматтын ар кандай түрлөрү менен иштөө алгоритмдерин жана бул көндүмдөрдү окуу жана турмуштук маселелерди чечүү үчүн функционалдык деңгээлде колдоно алат;

**Тил билүү деңгээлдери:**

- Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде *кыргыз тили* – А1 (элементардык, тил чөйрөсү жок болгондо), А1+ (элементардык, тил чөйрөсү бар болгондо) деңгээлде окутулат;
- жөнөкөй маалыматты тандап алуу көндүмдөрүнө ээ болот;
- адам, жаратылыш жана коом, алардын өз ара байланышы жана өз ара көз карандылыгы жөнүндө жалпы түшүнүктөрү бар;
- өзүн демократиялык коомдун жараны катары сезет (“Кыргыз жараны”), адеп жана жүрүм-турум ченемдерин сактайт;
- негизги мектепте окууну улантууга максаттуу жана жүйөлүү окуу ишин, өз алдынча жана топтук иштерди жүргүзүү жөндөмүнө ээ;
- социалдык алгылыктуу жүрүм-турум, эмпатия, теңтуштары жана чоңдор менен өз ара аракеттенүү көндүмдөрүнө ээ болот;
- окууда жана турмуштук кырдаалдарда пайда болгон көйгөйлөрдүн себептерин аныктоо, аларды чыр-чатаксыз жолдор менен чечүү жөндөмүнө ээ;
- жеке гигиенанын, сергек жана коопсуз жашоонун элементардык көндүмдөрүнө жана башка «жашыл көндүмдөргө» ээ болот.

Негизги жалпы билим берүү программалары боюнча окутуунун негизги максаты дүйнө жөнүндө илимий көз караштардын негиздерин калыптандырууда, окууга мотивацияны жана билим алуу жөндөмүн өнүктүрүүдө, коомдо жашоо үчүн жетиштүү социалдык көндүмдөрдү өздөштүрүүдө болот.

**2. Негизги жалпы билим берүүнүн бүтүрүүчүсүнүн модели:**

- **Тил билүү деңгээлдери:**

- Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде *кыргыз тили* - А2+ (баштапкы орто, тил чөйрөсү жок болгондо), В1 (орто, тил чөйрөсү бар болгондо) деңгээлде окутулат;

- коомдо жашоонун социалдык жапа маданий ченемдерин колдонуу учун зарыл билимге жана көндүмдөргө ээ (үй-бүлө, достор, коомдук жана мамлекеттик түзүмдөр менен өз ара аракеттенүү);
- окуу чөйрөсүндөгү жана коомдогу проблемалуу кырдаалдарды чече алат, өз чечимдеринин кесепеттери үчүн жоопкерчиликти өзүнө ала алат;
- негизделген чечимдерди кабыл алуу үчүн ар кандай булактардан маалыматтарды өз алдынча издөөнү, иштеп чыгууну, анын ичинде маалыматтык технологияларды пайдалануу менен талдоону жүзөгө ашырат;
- өз алдынча окуу, эксперименталдык, практикалык иштерди уюштуруу көндүмдөрүнө ээ;

- интернет тармагында маалыматты издөө ыкмаларын билет;
- окуу жана башка иштерди аткаруу үчүн маалыматтык- коммуникациялык технологиялардын инструменттерин (МКТ- сабаттуулук) билет;
- медиасабаттуулуктун негиздерин билет, маалыматты алуу, чечмелөө, берүү жөндөмүнө ээ, анын ичинде электрондук форматта;
- электрондук маалымдамаларды, энциклопедияларды, мультимедиялык окуу курстарын ишенимдүү колдонот;
- сергек жана коопсуз жашоо мүнөзүнүн көндүмдөрүнө, экологиялык жоопкерчиликтүү жүрүм-турумга ээ;
- тандалган багыт боюнча көркөм-колдонмо чыгармачылык искусствосунун көндүмдөрүнө ээ;

Жалпы орто билим берүү программалары боюнча окутуунун негизги максаты **профилдик** болуп саналат жана окуучулардын билим алууну улантуу жана өзүнүн жарандык милдеттерин аткаруу үчүн жетиштүү деңгээлде негизги жана предметтик компетенттүүлүккө ээ болуусуна багытталган.

### 3. Жалпы орто билим берүүнүн бүтүрүүчүсүнүн модели:

- Мамлекеттик жана предметтик билим берүү стандарттарынын талаптары менен аныктаган деңгээлде жалпы орто билим берүүнүн мазмунуна жана кесиптик кызыкчылыктарга жана жөндөмдөргө ылайык профилдик окутуунун мазмунуна ээ;
- жогорку таанып-билүүчүлүк мотивацияга, кесипти аң-сезимдүү тандоо жөндөмүнө ээ, кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүгө даяр;
- иштин ар кандай түрлөрүн (окуу, эмгектик) жүргүзө алат: пландоо, долбоорлоо, моделдөө, болжолдоо, изилдөө, ошондой эле окуунун жана өз алдынча окуунун рационалдуу ыкмаларына ээ;
- келечектеги кесиби үчүн керектүү окуу милдеттерин чечүү үчүн ар кандай коммуникативдик билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ, баарлашуу (иштиктүү, жеке) ыкмаларын билет;

### Тил билүү деңгээлдери:

- Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде ***кыргыз тилин*** В1 (орто, тилдик чөйрө жок болгондо), В1+ (ортодон жогору, тилдик чөйрө бар болгондо) деңгээлдерде окутулат.
- интернет-сервистери менен иштөөнүн негизги принциптерин билет (электрондук почта, социалдык тармактар ж.б.);
- турмуштук көйгөйлөрдү чечүүдө жана өзүнүн окуусунун натыйжалуулугун жогорулатууда санариптик технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн ийгиликтүү колдонот;
- маалыматтарды иштеп чыгуу үчүн программаларды (тизмелер, таблицалар, массивдер) түзөт;
- сергек жана коопсуз жашоо мүнөзүнүн көндүмдөрүнө, экологиялык жоопкерчиликтүү жүрүм-турумга ээ.
- өзүн-өзү ишке ашыруу, өзүн-өзү таанып билүү, өзүн-өзү сыйлоо, өзүн-өзү көзөмөлдөө жөндөмүнө ээ;
- өзүнүн физикалык, психикалык жана адеп-ахлактык саламаттыгын сактоо жана өнүктүрүү боюнча турмуштук стратегияга ээ;
- бир жана /же бирден ашык кесипти өздөштүргөндүгүн ырастаган сертификаты бар.

**Тил билүү деңгээлдери**

**1-таблица.**

| | **Деңгээлдер** | **Тилдик чөйрө жок кырдаалда** | **Тилдик чөйрө бар кырдаалда** |
|---|---|---|---|
| **1. Башталгыч жалпы модель** | А1 элементардык | 1 – 4 - класстар | |
| | А1+ элементардык | | 1 – 4-класстар |
| **2. Негизги жалпы модель** | А2 + баштапкы орто | 5 – 9- класстар | |
| | В1– орто | | 5– 9-класстар |
| **3. Жалпы орто модель** | В1 орто | 10–11-класстар | |
| | В1+ ортодон жогорку | | 10 –11-класстар |

**Тил билүү деңгээлдеринин сыпаттамасы**

**2-таблица**

| **Тил билүүнүн мүнөзү** | **Деңгээлдердин сыпаттамасы** |
|---|---|
| **А1 – Элементардык деңгээл** | |
| **А1 Тилди эң жөнөкөй түрдө колдоно билүү** | Берилген тематиканы, тапшырманы түшүнүп, ал боюнча сөз, сөз айкаштарын, фразаларды колдонуп, коюлган маселеге жооп бере алам. Өзүмдү, башкаларды тааныштырып, дарек, тааныштар, оокат-жай тууралуу суроолорго жооп бере алам. Тилдин эң жөнөкөй түрүн колдонуп, сөздөрдү шашпай, жай, так, даана сүйлөгөнгө (жооп берип, сүйлөшүүгө) катышып, оюмду айта алам. |
| **А2 – Баштапкы орто деңгээл** | |
| **А2 Тилди активдүү колдоно билүү** | Күнүмдүк жашоо-тиричиликке керектүү сөздөрдү, сөз тизмектерин, айрым сүйлөмдөрдү (өзү, үй-бүлө мүчөлөрү, окуу иш-аракеттери, күндөлүк режим, социалдык-маданий чөйрөдө өзүн алып жүрүү, сатып алуу ж.б. кырдаалдарга жараша) тилдин жөнөкөй түрүн колдонуп, маалымат алмашып, маек куруп, сүйлөшө алам. |
| **В1 Орто деңгээл** | |
| **В1 Тилди өз алдынча колдоно билүү деңгээли** | Жумушта, окууда, бош убакыттарда ж. б. типтүү кездеше турган адабий тилдеги ар түрдүү темаларда берилген так кабарлардын негизги идеяларын түшүнөм. Үйрөнүп жаткан тилди алып жүрүүчү өлкөдө болгон учурда кездешүүчү көпчүлүк кырдаалдарда пикир алыша алам. Белгилүү же мени өзгөчө кызыктырган темаларга билдирүүнү байланыштуу түзө алам. Таасирлерди, окуяларды, ишенимдерди, умтулууларымды айтып бере алам, өзүмдүн келечек пландарымды жана ойлорумду негиздеп жана баяндап бере алам. |
| **В1+ Ортодон жогору деңгээл** | |
| **В1+ Тилди өз алдынча колдоно билүү деңгээли** | Абстрактуу жана конкреттүү темалардагы татаал тексттердин, ошондой эле атайын бир багыттагы тексттердин жалпы мазмунун түшүнөм. Тилди алып жүрүүчүлөр менен дайыма ар тараптан өзгөчө кыйынчылыктарсыз пикир алышып туруу үчүн тез жана даярдыксыз спонтандуу сүйлөйм. Түрдүү темаларга так, толук билдирүү жасай алам жана негизги проблемага карата өз көз карашымды билдире алам, ар түрдүү |

| | |
|---|---|
| | пикирлердин артыкчылыктарын жана кемчиликтерин көрсөтө алам. |

**5 – 9-класстарда экинчи тилди окутуунун максаты**

5–9-класстардын окуучуларын *негизги жалпы модель* боюнча турмуш-тиричиликтин ар түрдүү чөйрөсүндө, кырдаалдарда, деңгээлдерге (А2+, В1–) ылайык кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) калыптандыруу аркылуу реалдуу баарлашуу процессине жакындаштырып окутуу.

Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, этностор аралык биримдикке тарбиялоо (“Кыргыз жараны”)

**10 – 11-класстарда экинчи тилди окутуунун максаты**

10-11-класстарда *жалпы орто модель* боюнча деңгээлдерге (В1, В1+) ылайык кыргыз тилин окутуунун **максаты** – мурунку класстарда ээ болгон тилдик жана кептик көндүмдөрүн бышыктоо жана турмуштук кырдаалдарда туура колдонууну жакшыртуу. Жогорку класстарда да кенже жана ортоңку класстардагыдай эле, кеп ишмердүүлүгүнүн төрт түрүн – угуу, сүйлөө, окуу, жазуу көндүмдөрүн өздөштүрүү улантылат. Мектеп бүтүрүүчүлөрү табигый шарттарда кыргыз тилинде ээн-эркин баарлашуусу, сабаттуу жазуусу, кептик байланыштын конкреттүү чөйрөлөрүндө өз оюн кыйналбай билдире алуусу күтүлөт. Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, этностор аралык биримдикке тарбиялоо (“Кыргыз жараны”)

**Милдеттер:**

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда коммуникативдик-функционалдык мамиле менен окутуу үчүн мугалим төмөнкү **усулдук милдеттерге** таянат:

1. **Тил үйрөнүү процессинде өнөктөштүктү, өз-ара аракеттенүүнү ишке ашыруу милдети;** Мында өз ара аракеттенүүнүн куралы тил болуп саналат. Кыргыз тилин окуп-үйрөнүү үчүн кыргыз тили каражат болот, б.а. сабак кыргыз тилинде жүргүзүлөт.
2. **Күнүмдүк жашоо турмушта кыргыз тилинде баарлашуу зарылчылыгы келип чыккан учурдагы конкреттүү кырдаалдарга кызмат кылган (функционалдык грамматиканы) тилдик керектүү (эреже-грамматиканы) материалды берүү милдети**
3. **Кептик (коммуникативдик) кырдаалды түзүүгө жардам бере турган материалды тандоо милдети**. Ал сабактагы кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө шыктандырып, жаңылап туруш керек.

Окуучулар күндөлүк турмуш-тиричиликтин түрдүү чөйрөсүндө жана турмуштук кырдаалдарда кыргыз тилинде эркин баарлаша алуусуна, угуп түшүнүүсүнө, окуп түшүнүүсүнө жана жазуусуна жетишүү үчүн төмөнкү **милдеттер** коюлат:

– окуучулардын өз алдынча ой-пикирин кыргыз тилинде билдирип, темага ылайык маектеше алуусуна жетишүү;
– кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, окуу, сүйлөө, жазуу түрлөрүндө иштөө көндүмдөрүнө ээ кылуу;
– сабакты коммуникативдик ыкмада уюштуруу менен окуучуну турмуштук түрдүү кырдаалдарда сүйлөшө алуу менен, кыргызча сүйлөө маданиятына көнүктүрүү жана кыргыз тили аркылуу дүйнө таануусун өстүрүү;

– кыргыз тилинде массалык маалымат булактарын түшүнүүсүнө жетишүү;
– болуп өткөн же боло турган окуя туурасында монологдук баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү түрүндө пикирин билдире алуусуна жетишүү;
– темага ылайык тексттин мазмунун түшүндүрүп өз сөзү менен айтып бере алуусуна жана өз алдынча текст түзө алуусуна жетишүү;
– иш кагаздарын кыргызча түзө алуусуна жетишүү.
– тесттик тапшырмаларды аткара алууга көнүктүрүү;
– тесттик тапшырманы кантип аткаруу үчүн берилген нускамаларды түшүнүп иштөөгө окуучуларды машыктыруу;
– өз алдынча иштөөнү, практикалык машыгууларды ырааттуу жүргүзүү
– практикалык грамматикага машыктыруу
– окшоштуктарды аткарууга, сүйлөмдөрдү толуктоого көнүктүрүү
– окуу сабаттуулугу өнүктүрүү, текстти окуп түшүнүүсүн калыптандыруу

**Компетенттүүлүккө негизделген сабактын максаттары**

**1.** Сабактын билим берүүчүлүк максаты: *«Окуучулар кайсы билимдерди, жаңы маалыматтарды өздөштүрөт?»* деген сыяктуу суроолорго жооп бериши керек.
Билим берүү – инсанды гармониялуу өнүктүрүү максатында мамлекет тарабынан белгиленген билим деңгээлине жетишин ырастоо менен коштолгон жана тиешелүү документ менен күбөлөндүрлгөн тарбиялоонун жана окутуунун үзгүлтүксүз системалуу процесси;

***2.*** Өнүктүрүүчүлүк максаты: «*Кайсы компетенттүүлүктөр калыптанат?», “Өздөштүргөн билимдерин турмуштук кырдаалда, өз практикасында, тажрыйбасында колдоно алабы?”* деген сыяктуу суроолорго жооп бериши керек.

3. Тарбиялоочулук максаты: «*Окуучулар темадагы, текстеги маалыматтардан кандай тарбия алышат, келечекке кандай салым кошот?» “Оң, терс жактары жана эмне үчүн пайдалуу, пайдасыз, кооптуу, коопсуз*,” – деген сыяктуу суроолорго жооп бериши керек.

## 2.2. Предметти түзүүнүн методологиясы

**Предметтин концепциясын аныктоодо төмөндөгүдөй методологиялык багыттар жетекчиликке алынган:**

Орус, өзбек, тажик мектептеринде кыргыз тили предметин экинчи тил катары окутуудагы билим берүүнүн системасы, структуралык өзөгү, педагогикалык процесстеги жалпы жана жеке предметтин мазмуну, илимий изилдөөлөрдөгү жетишкендиктер, заманбап окутуунун технологиялары, стратегиялары, A1, A2, B1, B1+ деңгээлдерине бөлүштүрүү методологиясынын жоболоруна негизделет.

Жалпы орто билим берүү системасында экинчи тилди заманбап окуп-үйрөнүү окуучунун компетентүүлүктөрүнүн калыптануусуна багытталат. Алар:

- тил өз ара карым-катыштын (коммуникация) куралы;
- функционалдык грамматикалык категорияны коммуникативдик негизде колдонууну шарттоо;
- улуттук маданиятты таануу каражаты катары (өлкө таануу жана “Кыргыз жараны”);

- инсанды өнүктүрүү куралы;
- коомду ич ара байланыштыруунун (жарандык иденттүүлүк) каражаты;
- таанып билүүнүн каражаты;
- инсандын социалдык-турмуштук талабын канааттандыруу каражаты;
- тилди жашап жаткан чөйрө менен социалдашуунун каражаты ;
- кырдаалдык-тематикалык багыт;
- тилди турмуштук чөйрөлөрдө колдонуу деңгээлдерин аныктоо.

## 2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр. Кыргыз тили экинчи тил катары предметтик компетенттүүлүктөрү

Окутуунун практикалык негизин компетенттүүлүк мамиле аныктайт, аны ишке ашыруу негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү өз ара байланышта калыптандырууга багытталат. Мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык, “Филологиялык" билим берүү чөйрөсү окуучулардын кептик, тилдик жана социомаданий компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган.

Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөнүүдө окуучулар ээ болуучу төмөндөгүдөй предметтик компетенттүүлүктөр көрсөтүлгөн:

**ПК 1. Кептик (коммуникативдик) компетенттүүлүктөр:**

Ар түрдүү чөйрөдө, кырдаалдарда кеп ишмердүүлүктүн (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) түрлөрүн тил билүүнүн тиешелүү деңгээлине ылайык өздөштүрүп, тексттин жанрына, кептин стилдерине, тексттин түрлөрүнө жараша кыргызча баарлаша билүү.

**ПК2. Тилдик (лингвистикалык) компетенттүүлүктөр:**

Кыргыз тилинин фонетикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрүн билүү, кыргыз адабий тилинин, жазуу эрежелеринин нормасында жазып жана сүйлөй билүү, кыргыз тилинин тилдик кору, сөздүк курамы жөнүндө минимумдарга, сүйлөө маданиятына ээ болуу, сөздүктөр менен иштей билүү жана иш кагаздарын кыргызча түзө алуу, ж.б.

**ПК3. Социомаданий компетенттүүлүктөр:**

Тил аркылуу улутту жана улуттук маданий баалуулуктарды, мамлекеттин географиясын, тарыхын таануу, адабий казынасын окуп-үйрөнүү, ал аркылуу элдик салт-санаа, улуттук майрамдарды үйрөнүү жана сыйлоого калыптандыруу.

Предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу Мамлекеттик стандартта аныкталган үч деңгээлде каралат:

- Биринчи деңгээл (репродуктивдүү) окуучулардын үлгү (иш-аракетти аткаруунун сунушталган алгоритми) боюнча иштөө көндүмү менен сыпатталат;
- Экинчи деңгээл (продуктивдүү) курамы боюнча жөнөкөй ишмердүүлүктү аткаруу, өздөштүрүлгөн алгоритмди башка кырдаалда колдонуу жөндөмүн сыпаттайт;
- Үчүнчү деңгээл (креативдүү) татаал курамдуу ишмердүүлүктү өз алдынча конструкциялоо жана аны негиздөө элементтери менен ишке ашыруу болуп эсептелет. PISAнын талабы боюнча, окуучулардын функционалдуу сабаттуулугун жөнгө салуучу деңгээлинде көйгөйлөрдү чече билүү жөндөмдөрү, глобалдуу компетенциялар, креативдүү ой жүгүртүү, окуучулардын маалымат менен иштөө компетенттүүлүктөрү каралат. Текст менен иштөө көндүмдөрүндө маалыматты табуу жана керектүүсүн бөлүп алуу, аңдап билүү, интерпретациялоо, тыянак чыгаруу жана баа берүү, ж.б. текшерилет.


## 2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы


Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты жалпы мектептик билим берүү системасы үчүн төмөнкүдөй негизги компетенттүүлүктү аныктайт:

1. **Маалыматтык компетенттүүлүк** – бул окуучулардын маалыматты өз алдынча издөөгө, талдоого, тандоого, иштеп чыгууга, анын аныктыгын тактоого, жүйөлүү тыянактарды түзүүгө, сын көз караш менен түшүнүүгө жана өз ишин пландаштыруу жана ишке ашыруу боюнча негизделген чечимдерди кабыл алууга даярдыгы жана жөндөмдүүлүгү, керектүү маалыматты алып, аны оозеки жана жазуу формасында, анын ичинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен берип, көйгөйлөрдү чечүү үчүн диалог түзүү жөндөмдүүлүгү;
2. **Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк** – өзүнүн умтулуусун башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен туура келтирүүгө, ар түрдүү позицияларды таануу менен башка адамдардын баалуулуктарына (маданий, диний, этностук, гендердик, кесиптик, инсандык) сый мамиле жасоонун негизинде өзүнүн көз карашын коргой билүүгө даярдыгы; негизги демократиялык жана жарандык укуктарды жана эркиндиктерди түшүнүү жана кабыл алуу, Мекенди сүйүү, улуттук каада-салтты урматтоо, Кыргызстандын маданий мурасына жана жаратылыш байлыктарына аяр мамиле кылуу; маданий көп түрдүүлүктү түшүнүү жана Кыргыз жараны жалпы жарандык окшоштуулукту түзүү;
3. **Өзүн-өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү** – өзүнүн потенциалдуу жана актуалдуу касиеттерин, инсандык, жеке өзгөчөлүктөрүн, башка адамдар менен болгон өзүнүн мамилелерин билүү, жекече психологиялык жана жүрүм-турумдук мүнөздөмөлөрүн өзгөртүү боюнча максаттуу багытталган ишке жөндөмдүүлүгү, келечектеги кесиптик ишин тандоо үчүн маалыматтагы, окуу жана турмуштук кырдаалдардагы көйгөйлөрдү жана карама-каршылыктарды табуу жөндөмдүүлүгү, сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн жана изилдөөчүлүк, чыгармачыл, долбоордук иштерди аткаруу үчүн талдоону колдонуу менен аларды чечүүнү иландаштыруу жана өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү менен чечүү.

Азыркы заманбап методиканын өзгөчөлүгү окуу процессинин шарттарын табигый баарлашуу (оозеки жана жазуу) шарттарына жакындатууга умтулуу менен мүнөздөлөт. Андыктан мугалим менен окуучунун эки тараптуу, биргелешкен чыгармачыл ишмердигинин натыйжасында предметтик (тилдик, кептик жана социомаданий) компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга зор маани берилет. Предметтик компетенттүүлүктөр окуучулардын чыныгы муктаждыктарына, баарлашуу үчүн зарыл, өз ара макулдашылган компетенттүүлүктөрдүн калыптангандыгына жараша аныкталып, маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн-өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүүгө байланышкан негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга шарт түзөт.

**1-схема**






Азыркы заманбап методиканын өзгөчөлүгү окуу процессинин шарттарын табигый баарлашуу (оозеки жана жазуу) шарттарына жакындатууга умтулуу менен мүнөздөлөт. Андыктан мугалим менен окуучунун эки тараптуу, биргелешкен чыгармачыл ишмердигинин натыйжасында предметтик (кептик, тилдик, социомаданий) компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга зор маани берилет. Предметтик компетенттүүлүктөр окуучулардын чыныгы муктаждыктарына, баарлашуу үчүн зарыл, өз ара макулдашылган компетенттүүлүктөрдүн калыптангандыгына жараша аныкталып, Мамлекеттик стандарттагы: маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн-өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүүгө байланышкан негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга шарт түзөт.

**Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланыш таблицасы**

**3-таблица.**

| **Негизги компетенттүүлүктөр** | **Предметтик компетенттүүлүктөр** | | |
|---|---|---|---|
| **Маалыматтык** | **ПК1. Кептик** | **ПК2. Тилдик** | **ПК3. Социомаданий** |
| ***Окуучулардын даярдыгы жана жөндөмдөрү*** | | | |
| Маалымат менен иштөө компетенттүүлүгү: маалыматты бат жана өз алдынча табуу, талдоо, тандоо, иштеп чыгуу; далилденген тыянактарды чыгаруу;<br>- маалыматты ырастоо жана ырастыгын баалоо;<br>- окуучунун өз ишин пландаштыруу, жүргүзүү боюнча сынчыл ойлому;<br>- өз ишин пландаштыруу боюнча ойлонулган чечимдерди чыгаруусу | Коммуникативдик милдетке жараша баарлашуунун түрдүү кырдаалдарында керектүү кептик каражаттарды тандап колдонуусу;<br>- тил үйрөнүү процессиндеги кептик кырдаалдардын чегинде өз көз карашын далилдүү билдирүүсү;<br>- коммункативдик милдетти белгилүү бир кептик кырдаалга ылайык пландаштыруу жана ишке ашыруу;<br>- маалымат жана коммуникация технологияларын колдонуу | Адабий тилдин нормаларына ылайык тилдик каражаттарды табуу, тандоо, талдоо;<br>– маалымат жана коммуникация технологияларын колдонуу менен тилдик каражаттарды табуу, тандоо, талдоо;<br>- тилди эрежелерге ылайык колдонуу;<br>- өз алдынча (эссе, чакан дил баян, оозеки сүйлөө) продуктивдүү иш жаратуу, ошондой эле укканы боюнча изложение жазуу, окуганын же укканын оозеки айтып берүү | Баарлашуунун түрдүү кырдаалдарында, ошондой эле МКТ колдонуу аркылуу окуучулар өз кебинде адеп сөздөрдү жана сөз айкаштарды орду менен колдонуу үчүн өз алдынча издөөсү, тандоосу жана талдоосу |
| **Социалдык-коммуникативдик** | **ПК1. Кептик** | **ПК2. Тилдик** | **ПК3. Социомаданий** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Окуучулардын өз кызыкчылыктарын, каалоолорун башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен тең салмакташтырып бирге кароого даярдыгы;<br>- диалог түзүү жөндөмдүүлүгү, башкалар менен диалог түзүү аркылуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн керектүү маалыматтарды табуусу;<br>- элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо (“Кыргыз жараны”)<br>- көйгөйлөрдү чечүү үчүн керектүү маалыматтарды оозеки жана жазуу түрүндө билдире алуусу | Баарлашуунун түрдүү кырдаалдарында кеп маданиятына ылайык баарлашууга даярдыгы;<br>- диалог түзүү жөндөмдүүлүгү, башкалар менен диалог түзүү аркылуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн керектүү маалыматтарды табуусу, атуулдук иденттүүлүгүн таануусу («Кыргыз жараны»;<br>- көйгөйлөрдү чечүү үчүн керектүү маалыматтарды оозеки жана жазуу түрүндө билдире алуусу | Коммуникативдик милдеттерди аныктоого даярдыгы;<br>- үйрөнгөн тилдик каражаттарды (сөздөрдү, алардын формасын, синтаксистик конструкцияларды) коммуникативдик милдеттерге ылайык тандоо жана колдонуу; | Кыргыз тилинии улуттук жана маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен диалог куруу;<br>- кеп адебинин нормаларына ылайык диалог куруу;<br>- тилдик көп түрдүүлүктү позитив менен кабыл алуу, сыйлоо;<br>- көп маданияттуулукта өз ара эффективдүү аракеттешүүгө үйрөнүү |
| **Өзүн-өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү** | **ПК1. Кептик** | **ПК2. Тилдик** | **ПК3. Социомаданий** |
| Түрдүү көйгөйлөрдү, проблемаларды таап аныктоо жөндөмдүүлүгү;<br>- маалыматтагы карама-каршылыктарды көрө билүү, окууда жана турмуштук кырдаалдардагы карама-каршылыктар менен дал келбестиктерди аныктоо;<br>- аларды чечүүнү пландаштыруу жана сынчыл ойлом, талдоо көндүмдөрүн пайдаланып, өз алдынча же башкалар менен биргеликте чечүү | Окууда жана баарлашууда турмуштук кырдаалдардагы көйгөйлөрдү аныктап көрө билүү;<br>-аларды сынчыл көз караш менен чечүү үчүн кызматташуу диалогун демилгелөө жана колдоо | Өзүнүн жана классташтарынын түзгөн тексттериндеги грамматикалык жана маанилик каталарды таба билүү;<br>- ал каталарды өз алдынча же башкалар менен биргеликте редакциялоо, сынчыл ойлом көндүмүн, башка адамдын пикирине сый мамиле кылуу көндүмүн колдонуу. | Окуучулардын долбоордук ишмердүүлүктөрүн, изилдөө жана иликтөө ишмердүүлүктөрүн ишке ашыруу үчүн жупта, топто, класс менен иштей алуусу |

Таблицада көрсөтүлгөн өз ара байланыштар Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда күтүлүүчү натыйжаларды жана көрсөткүчтөрдү жазып чыгуу үчүн негиз болот.

### 2.5. Мазмундук тилке (линиялар). Окуу материалдарынын мазмундук тилкелери (линиялары) жана класстар боюнча бөлүштүрүү

Окутуунун максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу, предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу предметтин ырааттуулугун, уланмалуулугун, илимий негиздерин чагылдырган предметтин мазмундук линиялары түрүндө уюштурулган белгилүү бир мазмунда ишке ашат.

5-11-класстардагы «Орус, өзбек жана тажик тилдеринде окуткан мектептерде кыргыз тили» предметинин мазмундук тилкелери (линиялары) булар:

МЛ 1. Кепти кабыл алуу жана продуктивдүү кеп жаратуу

МЛ 2. Тил система катары

МЛ 3. Баарлашуунун социомаданий өзгөчөлүктөрү

**1-мазмундук тилке (линия). Кепти кабыл алуу жана продуктивдүү кеп жаратуу**

«Кепти кабыл алуу жана продуктивдүү кеп жаратуу» мазмундук линиясы мектеп окуучуларынын экинчи тилде оозеки жана жазма маалыматтарды кабыл алуу жана түшүнүү, түрдүү коммуникативдик кырдаалдарда колдонуу, диалогдук жана монологдук формада башка адамдар менен баарлашуу билгиликтерин өнүктүрүүгө багытталган. Ушуга байланыштуу бул мазмундук линиянын негизин төмөнкү кеп ишмердүүлүгүнүн өз ара байланышы түзөт: угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу.

Угуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча иштер маалыматты угуп кабыл алуу компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнү камтыйт. Сабактарда негизги ойду түшүнүү үчүн угуу, деталдарды түшүнүү үчүн угуу, ырааттуулукту аныктоо үчүн угуу, жаңы сөздөрдү үйрөнүү үчүн угуу, маектешинин пикирин түшүнүү үчүн угуу боюнча иштерди уюштурууга болот.

Сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча иштер кептин көркөмдүгүн жана байланыштуулугун, өзгөчөлүктөрүн ажырата билүү жана диалогго, монологго катышууга максаттуу багытталган комплекстүү иштерди карайт.

Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча иштер окуучулардын окуу көндүмдөрүн калыптандырууну, окуганын түшүнүүнү жана чечмелеп берүүнү камтыйт. Окуп түшүнүү көндүмү түрдүү стилдеги (оозеки, көркөм, илимий-популярдуу), ар кандай типтеги (туташ жана туташ эмес тексттер) жана ар кандай жанрдагы (табышмактар, макал-лакаптар, жомок, уламыш, аңгеме, ыр ж.б.) тексттерди окуу аркылуу өнүгөт. Булар көп түрдүүлүк, толеранттуулук, гендердик теңчилик жаатында баалуулук багыттарына ээ болгон тексттер.

Жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча иштер мектеп окуучуларынын өз алдынча жазуу текстерин (баяндоо эссеси, сүрөттөө эссеси, ой жүгүртүү эссеси, баяндама, презентация ж.б.) түзүү, ошондой эле башка адамдар менен жазуу түрүндө өз ара аракеттенүү компетенттүүлүгүн калыптандырууну карайт.

**2-мазмундук тилке (линия). Тил система катары**

«Тил система катары» мазмундук линиясы кыргыз тилинин тилдик системасынын аспектилери менен тааныштырып, тил илиминин фонетика, лексика, грамматика (морфология жана синтаксис), орфография жана пунктуация сыяктуу бөлүмдөрүнүн негизги түшүнүктөрүн камтыйт. Мазмундук линия мектеп окуучуларынын социалдык-турмуштук, социалдык-маданий, окуу-эмгектик баарлашуу чөйрөлөрүндө өз ара аракеттенүү үчүн тилди эркин колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган.

**3-мазмундук тилке (линия). Баарлашуунун социомаданий өзгөчөлүктөрү**

«**Баарлашуунун социомаданий өзгөчөлүктөрү**» мазмундук линиясы мектеп окуучуларынын социалдык-турмуштук, социалдык-маданий, окуу-эмгектик баарлашуу чөйрөлөрүндө өз ара аракеттенүүсүн ишке ашыруу үчүн адеп эрежелерин өздөштүрүүсүнө багытталган; өз маданиятынын жана башка элдердин маданиятынын өзгөчөлүктөрүн түшүнүү жана кабыл алуу жөндөмдүүлүгү; окуучуларды фольклордук айрым чыгармалар, Кыргызстандын элдеринин маданиятынан жомокторунун негизги сөздөрү, идеялары, каармандары, Кыргызстандын жана башка өлкөлөрдүн белгилүү маданий жайлары менен тааныштыруу; адам укуктарына, теңчиликке, басмырлоого жол бербөөгө, социалдык инклюзияга жана социалдык жоопкерчиликке ылайык өз өлкөсүнүн жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды билүү.

Окуу процессинде бул мазмундук линиялар бири-бири менен ажырагыс байланышта, интеграцияланган жана окуу материалын кырдаалдык-тематикалык бөлүштүрүүдө ишке ашырылат.

Окуу материалынын кырдаалдык-тематикалык бөлүштүрүлүшү окуучулар үчүн баарлашуунун эң типтүү жана турмуштук чөйрөлөрүндө жана кырдаалдарында анын иштөө өзгөчөлүктөрүн чагылдырган окуу материалын уюштурууну билдирет. Окуу материалынын кырдаалдык-тематикалык берилиши окуу процессин баарлашуунун реалдуу шарттарына мүмкүн болушунча жакындатууга мүмкүндүк берет.

**Окуу материалынын кырдаалдык-тематикалык берилиши**

**4-таблица**

| 1 – 4- класстар | 5 – 9- класстар | 10 – 11-класстар |
|---|---|---|
| 1. Үй-бүлө<br>2. Мектеп<br>3. Кызыгуулар<br>4. Жыл мезгилдери<br>5. Керектүү буюмдар<br>6. Жаратылыш, адам, сергек жашоо<br>7. Менин өлкөм | 1. Мен, менин үй-бүлөм<br>2. Эс алуу. Саякат<br>3. Кесип<br>4. Кыргызстан<br>5. Ден соолук<br>6. Соода-сатык<br>7. Кызыгуулар | 1. Адам<br>2. Адам жана коом<br>3. Адам жана экономика. Соода-сатык<br>4. Адам жана илим. Медицина. Ден соолук<br>5. Адам жана искусство. Кыргызстандагы белгилүү маданият ишмерлери<br>6. Адам жана жаратылыш. Кыргызстандын жаратылышы<br>7. Жер – жалпыбыздын үйүбүз. Экология<br>8. Адамдын руханий өнүгүүсү.<br>9. Санариптештирүү |

**Баарлашуу чөйрөлөрүнүн класстар боюнча бөлүштүрүлүшү**

**5-таблица**

| **Баарлашуу чөйрөлөрү** | **5-7-класстар** | **8-9-класстар** | **10–11-класстар** |
|---|---|---|---|
| **Социалдык-турмуштук чөйрө** (баланын жекече чөйрөсү; күнүмдүк | - Үй-бүлөдөгү жана достор арасындагы өз ара мамилелер | – Мектептеги, үй-бүлөдөгү жана достор арасындагы инсандык өз ара мамилелер | - Өзүн-өзү таануу<br>- Достор, курбулар<br>- Адамдын жеке турмушу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| тиричилик чөйрөсү) | - Бөлмө, жекече буюмдар, үй дареги<br>- Бир туугандар жөнүндө камкордук, ата-энелерге жардам.<br>- Сырткы келбети<br>- Окуучулардын шаардык/ айылдык жашоо чөйрөсү<br>- Сатып алуулар<br>- Ден соолук жана жеке гигиена | - Адамдын сырткы келбети жана мүнөздөмөсү<br>- Сатып алуулар. Чөнтөк акчалар.<br>- Сергек жашоо<br>- Уюлдук телефон менен сүйлөшүү | - Конок тосуу<br>- Адамдын темпераменти жана темпераменттердин өзгөчөлүктөрү<br>- Үй-бүлө – бул коомдук баштапкы уюм |
| **Социалдык-маданий чөйрө** (жүрүм-турум, адеп; экологиялык чөйрө) | - Ата-энелерди сыйлоо, улууларга сылык мамиле жасоо, кичүүлөрдү колдоо<br>- Каникулдар жана аларды жылдын ар кайсы мезгилинде өткөрүү<br>- Кийим адеби, коомдук жерлерде өзүн алып жүрүүнүн адеби, телефон менен сүйлөшүү адеби<br>- Айлана-чөйрөнү коргоо.<br>- Мекен. Географиялык абалы, климаты, аба-ырайы, борбору, тарыхый жерлери | - Жаштар модасы<br>- Өз өлкөсү, кошуна өлкөлөр жана чет өлкөлөр, алардын маданий өзгөчөлүктөрү (улуттук майрамдар, белгилүү даталар, салттар)<br>- Кыргызстан боюнча саякат<br>- Белгилүү адамдар, алардын илимге жана дүйнөлүк маданиятка кошкон салымы<br>- Жаратылыш жана экология көйгөйлөрү<br>- Ала-Тоо жергеси, анын жаратылышы, жыл мезгилдери, тоолору, көлдөрү, жаныбарлар, канаттуулар, үй жана жапайы жаныбарлар. | - Адам жана коом<br>- Адам жана жаратылыш<br>- Экологиялык көйгөйлөр, аларды чечүү<br>- Жаратылышка аяр мамиле<br>- Адам жана маданият<br>- Маданий жайлар<br>- Маданий жайлардагы жүрүм-турум<br>- Маданий баалуулуктар<br>- Адам жана искусство<br>- Кыргызстандын жаратылышы<br>- Жер – жалпыбыздын үйүбүз |
| **Окуу-эмгек чөйрөсү** (окуу-таануучулук чөйрөсү, баланын кызыгуулары) | - Мамлекеттик тилдин ролу<br>- Мектеп жана мектептеги жашоо<br>- Окутулган предметтер жана аларга мамиле<br>- Ата мекен, улуттук баатырлар, Манас, кыргыз эли, кыргыз жери, белгилүү инсандар, Кыргызстандагы | - Мектептеги билим берүү<br>- Мектептеги жашоо: мектептеги жүрүм-турум, коомдук жашоого катышуу<br>- Окутулган предметтер жана аларга мамиле<br>- Мамлекеттик тилдин ролу<br>–Жалпыга маалымдоо | - Адам жана илим<br>- Адам жана экономика<br>- Билим берүү маселелери<br>- Илимпоздор жана билим кызматкерлери<br>- Адамдын руханий өнүгүүсү<br>- Улуттук баалуулуктар<br>- Санариптештирүү<br>–Технологиялар<br>–Адам жана кесип<br>–Үйдө жана үйдөн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | бөлөк улуттардын өкүлдөрү<br>- Кесиптин түрлөрү, мааниси<br>- Ата-энесинин кесиби<br>- Эмгек, эмгек баатырлары<br>- Кызыгуулар, хобби<br>- Күн тартиби, бош убактысын өткөрүү | каражаттары (пресса, телевидение, радио (үналгы), телефон, интернет)<br>–Бош убакыт жана кызыгуулар (спорт, музыка, киного \ театрга баруу, дискотекалар, кафе).<br>–Кесип тандоо маселелери<br>–Кесипке багыт алуу. Кесип тандоого жоопкерчилик мамиле<br>- Эмгектенүү жашоодо маанилүү. Акыл эмгеги | тышкаркы эс алуу<br>–Мамлекеттик кызматтар<br>–Мамлекеттик башкаруу<br>–Элдин эмгек менен камсыз болушу<br>- Жумушсуздук |

**Окуу материалдарынын класстар боюнча бөлүнүшү, сүйлөшүү чөйрөлөрү менен байланыштары**

**6-таблица**

| **Сүйлөшүү чөйрөлөрү** | **5-7-класстар** | **8-9-класстар** | **10–11-класстар** |
|---|---|---|---|
| **Өздүк жана күндөлүк турмуш-тиричилик чөйрөсү** (баланын жекече чөйрөсү; күнүмдүк тиричилик чөйрөсү) | - Үй-бүлөдөгү жана достор арасындагы өз ара мамилелер<br>- Бөлмө, жекече буюмдар, үй дареги<br>- Бир тугандар жөнүндө камкордук, ата-энелерге жардам.<br>- Сырткы келбети<br>- Окуучулардын шаардык/ айылдык жашоо чөйрөсү<br>- Сатып алуулар<br>- Ден соолук жана жеке гигиена | - Мектептеги, үй-бүлөдөгү жана достор арасындагы инсандык өз ара мамилелер<br>- Адамдын сырткы келбети жана мүнөздөмөсү<br>- Сатып алуулар. Чөнтөк акчалар.<br>- Сергек жашоо<br>- Уюлдук телефон менен сүйлөшүү | - Өзүн-өзү таануу<br>- Достор, курбулар<br>- Адамдын жеке турмушу<br>- Конок тосуу<br>- Адамдын темпераменти жана темпераменттердин өзгөчөлүктөрү<br>- Үй-бүлө – бул коомдук баштапкы уюм |
| **Социалдык-маданий чөйрө** (жүрүм-турум, адеп; экологиялык чөйрө) | - Ата-энелерди сыйлоо, улууларга сылык мамиле жасоо, кичүүлөрдү колдоо<br>- Каникулдар жана аларды жылдын ар кайсы мезгилинде өткөрүү<br>- Кийим адеби, коомдук жерлерде өзүн алып жүрүүнүн | - Жаштар модасы<br>- Өз өлкөсү, кошуна өлкөлөр жана чет өлкөлөр, алардын маданий өзгөчөлүктөрү (улуттук майрамдар, | - Адам жана коом<br>- Адам жана жаратылыш<br>- Экологиялык көйгөйлөр, аларды чечүү<br>- Жаратылышка аяр мамиле |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | адеби, телефон менен сүйлөшүү адеби<br>- Айлана-чөйрөнү коргоо.<br>- Мекен. Географиялык абалы, климаты, аба-ырайы, борбору, тарыхый жерлери | белгилүү даталар, салттар)<br>- Кыргызстан боюнча саякат<br>- Белгилүү адамдар, алардын илимге жана дүйнөлүк маданиятка кошкон салымы<br>- Жаратылыш жана экология көйгөйлөрү<br>- Ала-Тоо жергеси, анын жаратылышы, жыл мезгилдери, тоолору, көлдөрү, жаныбарлар, канаттуулар, үй жана жапайы жаныбарлар. | - Адам жана маданият<br>- Маданий жайлар<br>- Маданий жайлардагы жүрүм-турум<br>- Маданий баалуулуктар<br>- Адам жана искусство<br>- Кыргызстандын жаратылышы<br>- Жер – жалпыбыздын үйүбүз |

**2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер (линиялар)**

Сабактын элементи катары предмет аралык байланыштарды мугалимдер башка предметтерден алынган билимди пайдалануу талап кылына турган тийиштүү таанымдык милдет аткарылууга тийиш болгон иштин ар кайсы баскычында колдонсо болот. Ошондой эле лексика менен функционалдуу иштөөдө жана фразеологизмдерди колдонууда адабият предметинен “Манас таануу” курсу менен байланышта иш жүргүзүлүшү керек, окуучулардын тил билүү денгээлин эске алуу менен эпостогу архаизм жана фразеологизм сөздөрүнүн маанисин түшүнүп колдонууга үйрөтүү сунушталат.

**Предмет аралык байланыш. 7-таблица**

| | **Билим берүү чөйрөлөрү** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Филоло-гиялык** | **Социалдык** | **Матема-тикалык** | **Табигый илимдер** | **Искусство жана технологиялар** | **Ден соолук маданияты** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Тилдик компетенттүүлүк-төрдү калыптандыруу макатында эне тили, экинчи тил, чет тилдер жана искусство, сүрөт, көркөм өнөр жана адабий чыгармаларды байланыштыруу менен окуучулар - угуу, сүйлөө, окуу, жазуу кеп ишмердиктери боюнча өз оюн интерпретациялоо го, түшүндүрүп берүүгө багыттоочу тексттер камтылат. | 5 – 11-класстарда өлкөнүн тарыхы, адам менен коомдун ортосундагы карым-катнаш тууралуу темалардын тегерегинде сүйлөшүү, оозеки жана жазуу кебин өстүрүү каралган. Окуучуларга Кыргызстандын өзгөчөлүктөрү тууралуу негизги маалыматтарды камтыган тексттер сунуш кылынат | Кыргыз тили сабагында белгилүү математиктер жөнүндө тексттер окутулат, математикал ык тапшырмалар түрүндөгү көнүгүүлөр аткарылат, диалогдор сунушталат | Жаратылыштын кубулуштары, климаттын өзгөрүшү, айлана-чөйрөдө болуп жаткан табигаттын мыйзам ченемдүүлүктө-рүнө байланыштуу коркунучтарды, табигый-илимий көп түрдүү касиеттерди, жандуу, жансыз организмдер жөнүндөгү көрүнүштөрдү жана ресурстарды үнөмдөөчү жүрүм-турумдарды камтыган, аларды түшүнүүгө өбөлгө түзүүчү тексттер сунушталат. | Окуучуларга эң жөнөкөй элементардык деңгээлдеги көркөм - прикладдык чыгармачылык чөйрө,энергия-ны,материалды, маалыматты трансформация-лоо, долбоорлоо, пландаштыруу, өндүрүштүк, технологиялык маселелерди чыгармачылык менен чечүү, баалоо тууралуу идеялар жана көркөм сүрөт, музыка, кино ж.б. искусство чыгармаларынын түрлөрүн уктуруу, улуттук аспаптар, комузчулар жөнүндө сүйлөшүүгө кызыктуу тексттер тандалып, сунушталат. | Окуучулар өзүнүн жашоо турмушунда ден соолугуна кам көрүп, өз коопсуздугун сактоо жана коргонуунун физикалык, эмоциялык жана социалдык, гигиеналык жүрүм-турум саламаттыгын чыңдоо маданиятынын негиздерин өздөштүрүүнү калыптандыруу чу тексттер менен иштөө аркылуу камсыздалат. |

## 3-бөлүм. Билим берүүнүн жыйынтыктары жана баалоо

### 3.1. Окуучуларды окутууда күтүлүүчү жыйынтыктар (баскычтар жана мазмундук тилкелер-линиялар боюнча)

Билим берүүнүн жыйынтыктары мазмундук линиялар боюнча түзүлдү жана биригип келип предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандырат. Ар бир класстагы натыйжаларга жетишүү деңгээли индикаторлордун негизинде аныкталат.

Окутуунун натыйжалары 5–11-класстар үчүн түзүлгөн. Билим берүүнүн ортоңку баскычынын бүтүрүүчүлөрү жогорку мектепте окуусун улантуу үчүн жетиштүү деңгээлде билим берүүнүн бул натыйжаларына жетишүүсүн көрсөтүшү керек. Мектеп бүтүрүүчүлөрү ЖОЖдо окуусун улантуу үчүн жетиштүү деңгээлде билим берүүнүн натыйжаларына жетишкендигин көрсөтүшү керек. Ар бир класстагы жетишкендиктин деңгээли көрсөткүчтөрдүн негизинде аныкталат.

Төмөндөгү таблицада 5-11-класстар үчүн окуп-үйрөнүүгө берилген материалдын негизинде жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун маселелерине ылайык окутуунун натыйжаларынын тизмеси сунушталган.

### 4. 5-11-класстар үчүн күтүлүүчү натыйжалар.

5. **Биринчи сан –** предметтик компетенттүүлүк.
6. **Экинчи сан** – мазмундук линиянын номери.
7. **Үчүнчү сан** – билим берүү натыйжалардын номери.

**8-таблица**

| Предметтик компетенттүүлүктөр / Мазмундук линиялар | **ПК 1. Кептик** | **ПК 2. Тилдик** | **ПК 3. Социомаданий** |
|---|---|---|---|
| **1-МЛ.** Кепти кабыл алуу жана продуктивдүү кеп жаратуу | 1.1.1. Текстти окуганда андагы камтылган негизги жана кошумча маалыматты жетиштүү деңгээлде толук, так жана терең түшүнөт. | 2.1.5. Кырдаалдык-тематикалык минимумдун алкагында баарлашуу кырдаалдарында пайда болуучу ниеттенүүлөргө ылайык айтылган сөздү, сүйлөмдөрдү жазууда грамматикалык жана лексикалык көндүмдөрдү колдонот | 3.1.10. Темага жана коммуникативдик шартка ылайык репродуктивдүү жана продуктивдүү мүнөздөгү монологдорду түзөт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2-МЛ. Тил система катары** | 1.2.2. Диалогдун негизги мазмунун, анын катышуучуларынын коммуникативдик ниетин угуп түшүнөт<br>1.2.3. Коммуникативдик шартка ылайык сунушталган тема боюнча жазуу түрүндөгү продуктивдүү монолог түзөт | 2.2.6. Фонетика, орфоэпия жаатында адабий нормага жана анын варианттарына ээ.<br>2.2.7.Лексика жана фразеология жаатында адабий нормага ээ.<br>2.2.8.Орфографиянын негизги эрежелерин сактайт. | 3.2.11. Баарлашуу учурунда кеп адебинин нормаларын сактоо менен түрдүү диалогдорго катышат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3-МЛ. Баарлашуунун социомаданий өзгөчөлүктөрү** | 1.3.4. Монолог кепте камтылган маалыматты: теманы, билдирүүнүн ар бир маанилик бөлүгүнүн негизги жана кошумча маалыматын жетиштүү деңгээлдеги толук жана тактык менен угуп түшүнөт. | 2.3.9. Сунушталган темага жана коммуникативдик берилген шартка ылайык байланыштуу кепти өз алдынча жаратат. | 3.3.12. Кыргыз элинин жана башка элдердин турмушунун жана маданиятынын улуттук өзгөчөлүктөрүн, гендердик теңчиликтин, социалдык инклюзиянын жана басмырлабоонун принциптерин билет.<br>3.3.13. Коомдо калыптанган социалдык жана илимий чөйрөлөрдөгү жүрүм-турум нормаларына ылайык баарлашууга катышуучулардын социалдык ролдорун өзүнө карата колдонот. ("Кыргыз жараны") |

**Класстар боюнча билим берүү жыйынтыктары жана көрсөткүчтөр**

**Биринчи сан –** предметтик компетенттүүлүктөр: 1-кептик; 2-тилдик; 3-социомаданий.
**Экинчи сан –** мазмундук линиялар:
1– Кепти кабыл алуу жана продуктивдүү кеп жаратуу
2 - Тил система катары
3 – Баарлашуунун социомаданий өзгөчөлүктөрү
**Үчүнчү сан –** билим берүү натыйжаларынын номуру.

Ар бир кийинки класстын көрсөткүчтөрүнүн тизмеси мурунку класстардын көрсөткүчтөрүн камтыйт жана горизонталдык жана вертикалдык прогрессияны көрсөтөт. Көрсөткүчтүн биринчи саны классты көрсөтөт. Экинчи сан – көрсөткүчтүн номери.

**5-9- класстар боюнча билим берүү жыйынтыктары  жана көрсөткүчтөр.**

**9-таблица.**

| **5-класс** | **6-класс** | **7-класс** | **8-класс** | **9-класс** |
|---|---|---|---|---|
| **1.1.1. Текстти окуганда андагы камтылган негизги жана кошумча маалыматты жетиштүү деңгээлде толук, так жана терең түшүнөт** | | | | |
| 5.1.Окуганын мааниси боюнча кыскартат. | 6.1. Окуган маалыматты жалпылайт. | 7.1. Тексттен негизги ойду табат. | 8.1. Тексттеги негизги ойду талкуулайт. | 9.1. Тексттеги негизги жана кошумча ойду ажыратат. |
| 5.2. Окуганы боюнча өз оюн айтат. | 6.2. Окуган маалыматтагы ойго өз мисалдарын келтирет. | 7.2. Окуганы боюнча өз оюн аргументтейт. | 8.2. Башкалардын оюн угуп түшүнөт, толуктайт, тактайт. | 9.2. Тексттеги негизги ойду чечмелейт. |
| 5.3. Окуганы боюнча жыйынтык чыгарат | 6.3. Өз оюна далилдерди келтирет. | 7.3. Негизги жана кошумча маалыматты тактайт. | 8.3. Окуган тексттеги маалыматты интеграциялайт, интерпретациялайт. | 9.3. Окуган маалыматты талдайт, дискуссияны демилгелейт. |
| **1.2.2. Диалогдун негизги мазмунун, анын катышуучуларынын коммуникативдик ниетин угуп түшүнөт** | | | | |
| 5.1. Диалогдун катышуучулары жай, шашпай сүйлөгөн учурда окуп-үйрөнгөн лексиканы угуп түшүнөт. | 6.1. Диалогдогу тааныш сөздөрдү, сүйлөмдөрдү угуп түшүнөт. | 7.1. Диалогдун катышуучуларынын айткан кебин талкуулоого катышат. | 8.1. Диалогдун катышуучуларынын айткан кебин талкуулайт. | 9.1. Диалогдун негизги мазмунуна баа берүү багытында суроо берет жана ага жооп берет. |
| **1.2.3 Коммуникативдик шартка ылайык сунушталган тема боюнча жазуу түрүндөгү продуктивдүү монолог түзөт** | | | | |
| 5.1. Окуганы, укканы боюнча тааныш сөздөрдү, сөз айкаштарды жазат. | 6.1. Окуган, уккан тексти боюнча фразаларды, сүйлөмдөрдү түзүп жазат. | 7.1. Окуган, уккан текстине таянып, цитата, мисалдарды келтирет. | 8.1. Окуган, уккан текстине таянып, цитата, мисалдарды келтирет. | 9.1. Окуган, уккан текстине таянып, далилдерди келтирет, аргументациялайт. |
| 5.2. Үлгү тексттерди талдайт, үлгү | 6.2. Сүйлөмдөрдү | 7.2. Баяндоо текстинин | 8.2. Сүрөттөө текстинин | 9.2. Ой жүгүртүү текстинин |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| боюнча текст түзөт. | логикалык чынжыр боюнча абзацтарга бириктирет, үлгү боюнча текст түзөт. | структурасын билет. Структура боюнча кандайдыр бир окуяны баяндап жазат. | структурасын билет, кубулуштарды, көрүнүштөрдү сүрөттөп жазат. | структурасын билет. Берилген көйгөй боюнча ой жүгүртөт, текст жазат. |
| **1.3.4. Монолог кепте камтылган маалыматты: теманы, билдирүүнүн ар бир маанилик бөлүгүнүн негизги жана кошумча маалыматын жетиштүү деңгээлдеги толук жана тактык менен угуп түшүнөт.** | | | | |
| 5.1.Уккан текстин мааниси боюнча кыскартат. | 6.1. Уккан маалыматты 2-3 сүйлөм менен жалпылайт. | 7.1. Уккан тексттеги негизги ойду белгилейт. | 8.1. Уккан тексттеги негизги ойду талкуулайт. | 9.1. Уккан тексттеги негизги жана кошумча ойду ажыратат. |
| 5.2. Укканы боюнча өз оюн айтат. | 6.2. Өз тажрыйбасына таянып, уккан маалыматтагы ойго мисалдарды келтирет. | 7.2. Укканы боюнча өз оюн аргументтейт. | 8.2. Укканы боюнча башкалардын оюн угуп түшүнөт, толуктайт, тактайт, суроо берет. | 9.2. Уккан тексттеги негизги ойду чечмелейт, башкаларга түшүндүрүп берет. |
| 5.3. Укканы боюнча жыйынтык чыгарат. | 6.3. Укканы боюнча өз оюна далилдерди келтирет. | 7.3. Уккан текстиндеги негизги жана кошумча маалыматты тактайт, суроо берет. | 8.3. Уккан тексттеги маалыматты интеграциялайт, интерпретациялайт. | 9.3. Уккан маалыматты талдайт, дискуссияны демилгелейт. |
| **2.1.5. Кырдаалдык-тематикалык минимумдун алкагында баарлашуу кырдаалдарында пайда болуучу ниеттенүүлөргө ылайык айтылган сөздү, сүйлөмдөрдү жазууда грамматикалык жана лексикалык көндүмдөрдү колдонот** | | | | |
| 5.1. Тааныш эмес сөздөрдү окуп-үйрөнөт, кебинде колдонот. | 6.1. Грамматикалык түшүнүктөрдү кептик темага ылайык колдонот. | 7.1. Окуган, уккан тексти боюнча суроолорго жаңы лексиканы туура колдонуп жооп берет. | 8.1. Окуп-үйрөнгөн сөздөрдүн сүйлөмдөгү ордун билет, сүйлөмдө грамматикалык эрежелерге ылайык колдонот. | 9.1. Кандайдыр бир көйгөйлөрдү талкуулоодо, чечүүдө грамматикалык жана лексикалык көндүмдөрүн колдонот. |
| **2.2.6. Фонетика, орфоэпия жаатында адабий нормага жана анын варианттарына ээ.** | | | | |
| 5.1. Кыргыз тилинде үндүүлөрдү үндөштүрүп колдонот. | 6.1. Сөздөрдө жоон, ичке үндүүлөрдү үндөшкөн / үндөшпөгөн муундарды ажыратат. | 7.1. Сөз ичинде үндүү тыбыштарды окшоштуруп мүчөлөрдү туура улайт. | 8.1. Сөздөрдөгү толук жана толук эмес үндөшүүнү айырмалап кебинде колдонот. | 9.1. Сөз арасында катар келген үндүү тыбыштарды кошуп шар сүйлөйт. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5.2. ***К, г, ж*** тыбыштарын ичке жана жоон үндүүлөр менен туура колдонуп сүйлөйт. | 6.2. Сөздөргө мүчө улаганда, каткалаң үнсүздөргө мүчөлөрдү туура улап, (сабак – сабагым) жумшартып айтат. | 7.2. Уңгу менен мүчөдө же эки сөз арасында ***с,з*** тыбыштары катар келгенде (сөзсүз, тузсуз, көз сал, сөз сүйлө) аларды кошуп туура айтат. | 8.2. ***б*** тыбышын эки үндүүнүн ортосунда (убада, жибек, тийбе, барба, добуш, ж.б.) ***в*** тыбышына айландырып колдонот. | 9.2. Эки сөз арасында үнсүз тыбыштарды алга карай ээрчиштирип (жаз келди – жазгелди) туура сүйлөйт. |
| 5.3. Сөздөрдүн айтылышын адабий нормага ылайык үйрөнөт. | 6.2.Оозеки жана адабий кепти айырмалайт. | 7.3. Диалектилик сөздөрдү маанисине карай орду менен колдонот. | 8.3. Диалектилик сөздөрдү адабий тилдеги сөздөр менен алмаштырып колдонот. | 9.3. Каткалаң к тыбышы менен башталган сөздөрдү (кеп, килем, күнөө ж.б.) адабий нормага ылайык жумшартып сүйлөйт. |
| **2.2.7. Лексика жана фразеология жаатында адабий нормага ээ.** | | | | |
| 5.1. Сунушталган кептик темалардын чегинде активдүү лексиканы билет, колдонот. | 6.1. Котормо сөздүктүн жардамында жаңы лексиканы окуп-үйрөнөт. | 7.1. Кептик теманын чегинде туруктуу сөз айкаштарын, фразеологизмдерди билет, туура колдонот. | 8.1. Сөздөрдү маанисин түшүнүү менен колдонуп, сөз айкаштарга айкалыштырат жана сүйлөмдөрдүн курамына кошот. | 9.1. Сөздүктөрдүн түрлөрүн (котормо, түшүндүрмө, синонимдер, антонимдер сөздүгү) өз алдынча колдонот. |
| **2.2.8. Орфографиянын негизги эрежелерин сактайт.** | | | | |
| 5.1. Сөздөрдү туура ташымалдайт. Энчилүү аттарды баш тамга менен жазат. | 6.1. Сүйлөмдөрдө татаал сөздөрдү туура жазат. Дефис менен тирени ажыратып, туура жазат. | 7.1. Уңгу менен мүчөнүн ортосунда кээ бир үнсүз тамгалар жазылышын билет, туура жазат. | 8.1. Кээ бир үнсүз тыбыштардын сөздүн аягында өзгөрүшүн туура жазат. | 9.1. Мүчөлөрдүн кыскарган түрлөрүн туура жазат. |
| 5.2. Окуп-үйрөнгөн активдүү сөздөрдү туура жазат. | 6.2. Сүйлөмдө мүчө уланган уңгу сөздөрдү туура жазат. | 7.2. Созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү сүйлөмдөрдө туура жазат. | 8.2. Мүчө уланганда кээ бир уңгу сөздөрдүн бузулуш учурларын туура жазат. | 9.2. Сүйлөмдөрдү текстте туура жазат, логикалык чынжыр менен тизмектейт. |
| **2.3.9. Сунушталган темага жана коммуникативдик берилген шартка ылайык байланыштуу кепти өз алдынча жаратат.** | | | | |
| 5.1. Окуганы, укканы боюнча тааныш сөздөрдү, сөз айкаштарды туура айтат. | 6.1. Окуган, уккан тексти боюнча фразаларды, сүйлөмдөрдү туура | 7.1. Окуган, уккан текстине таянып, цитата, мисалдарды келтирип өз | 8.1. Окуган, уккан текстине таянып, цитата, мисалдарды келтирип, өз | 9.1. Окуган, уккан текстине таянып, далилдерди келтирип, аргументациялап |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | колдонуп сүйлөйт. | оюн билдирет. | оюн эркин билдирет. | сүйлөйт. |
| 5.2. Үлгү тексттерди талдайт, үлгү боюнча сүйлөйт. | 6.2. Сүйлөмдөрдү логикалык чынжыр боюнча бириктирип, үлгү боюнча сүйлөйт. | 7.2. Баяндоо текстинин структурасын колдонуп, кандайдыр бир окуяны баяндап айтып берет | 8.2. Сүрөттөө текстинин структурасын колдонуп, кубулуштарды, көрүнүштөрдү сүрөттөп айтып берет. | 9.2. Ой жүгүртүү текстинин структурасын колдонуп, берилген көйгөй боюнча ой жүгүртүп айтып берет. |
| **3.1.10. Темага жана коммуникативдик шартка ылайык репродуктивдүү жана продуктивдүү мүнөздөгү монологдорду түзөт** | | | | |
| 5.1. Окуганы, укканы боюнча тааныш сөздөрдү, сөз айкаштарды туура айтат. | 6.1. Окуган, уккан тексти боюнча фразаларды, сүйлөмдөрдү туура айтат. | 7.1. Окуган, уккан текстине таянып, цитата, мисалдарды келтирип сүйлөйт. | 8.1. Окуган, уккан текстине таянып, цитата, мисалдарды келтирип сүйлөйт. | 9.1. Окуган, уккан текстине таянып, далилдерди келтирип, аргументация менен сүйлөйт. |
| 5.2. Үлгү катары сунушталган оозеки тексттерди талдайт, үлгү боюнча сүйлөйт. | 6.2. Сүйлөмдөрдү логикалык чынжыр боюнча абзацтарга бириктирип, үлгү боюнча оозеки текст түзөт. | 7.2. Баяндоо текстинин структурасы боюнча кандайдыр бир окуяны баяндайт. | 8.2. Сүрөттөө текстинин структурасына ылайык кубулуштарды, көрүнүштөрдү сүрөттөйт. | 9.2. Ой жүгүртүү текстинин структурасына ылайык берилген көйгөй боюнча ой жүгүртөт. |
| **3.1.11. Баарлашуу учурунда кеп адебинин нормаларын сактоо менен түрдүү диалогдорго катышат.** | | | | |
| 5.1. Даяр диалогду окуп түшүнүп, диалогдун мазмуну боюнча суроолорго жооп берет. | 6.1. Диалогго түшүнүп, андагы айтылган ойго макул болгонун же каршы экенин айтат. | 7.1. Берилген кептик теманын чегинде үлгү боюнча диалог түзөт. | 8.1. Берилген кептик теманын чегинде өз алдынча диалог түзөт. | 9.1. Коммуникативдик кырдаалга ылайык сунушталган тема боюнча диалог түзөт. |
| 5.2. Диалогго катышып, диалогдогу берилген суроолорго кыска жооп берет. | 6.2. Диалогго катышып, диалогдогу берилген суроолорго толук жана туура жооп берет. | 7.2. Берилген кептик тема боюнча диалогду демилгелейт. | 8.2. Кептик интенцияга ылайык диалогду өзгөртөт. | 9.2. Диалогдун мазмунун жакшыртып, кептин нугун башка темага буруп маектешет. |

| 3.3.12. Кыргыз элинин жана башка элдердин турмушунун жана маданиятынын улуттук өзгөчөлүктөрүн, гендердик теңчиликтин, социалдык инклюзиянын жана басмырлабоонун принциптерин билет. | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5.1. Кыргыз элинин макал-лакаптарын айтат, маанисине жараша кебинде колдонот, башка элдердин макалдары менен салыштырат. | 6.1. Кыргыз элинин каада-салты, элдик чыгармалары жөнүндө айтып жана жазып берет, башка элдердин каада-салты, фольклору менен салыштырат. | 7.1. Кыргыз элинин турмуштук өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып жана жазып берет, башка элдердин турмушу менен салыштырат. | 8.1. Кыргыз элинин тарыхы жөнүндө айтып жана жазып берет, башка элдердин тарыхы менен салыштырат. | 9.1. Кыргыз элинин маданий баалуулуктары жөнүндө айтып жана жазып берет, башка элдердин маданияты менен салыштырат. |
| 5.2. Класстагы балдар, кыздар арасындагы биримдик жана теңчилик тууралуу туура ой жүгүртөт. | 6.2. Социалдык инклюзиянын принциптерине ылайык, башкаларга аяр мамиле кылат. | 7.2. Үй-бүлөдө гендерлик теңчилик тууралуу өз оюн билдирет, ата-эне менен балдардын милдеттери тууралуу айтып, жазып берет. | 8.2. Социалдык инклюзиянын принциптерине ылайык, башкалардын аракеттерине баа берет. | 9.2. Социалдык басмырлабоонун принциптерине ылайык, теңтуштарына, айланасындагы адамдарга аяр мамилеси тууралуу түшүндүрөт. |
| **3.3.13. Коомдо калыптанган социалдык жана илимий чөйрөлөрдөгү жүрүм-турум нормаларына ылайык баарлашууга катышуучулардын социалдык ролдорун өзүнө карата колдонот.** | | | | |
| 5.1. Сунушталган окуу кырдаалындагы ролдорго ылайык кепке кошулат жана диалог курат. | 6.1. Сунушталган окуу кырдаалындагы ролдорго ылайык кепке кошулат жана диалог курат. | 7.1. Сунушталган окуу кырдаалындагы ролдорго ылайык кепке кошулат жана диалог курат. | 8.1. Сунушталган окуу кырдаалындагы ролдорго ылайык кепке кошулат жана диалог курат. | 9.1. Баарлашуу нормаларын билет жана аларды социалдык жана илимий чөйрөнүн талаптарына ылайык колдонот. |
| 5.2. Сөздөрдү, туруктуу сөз айкаштарын колдонот. | 6.2. Кыргызстандын жазуучуларынын жана акындарынын өмүр баяны тууралуу негизги маалыматтар менен тааныш. | 7.2. Кыргызстандын акын-жазуучуларынын өмүр баяны тууралуу негизги маалыматтарды башка окуучулардан сурайт. | 8.2. Жазуучунун, акындын өмүр баяны жөнүндө маалыматтарды өз алдынча табат. | 9.2. Окуу-эмгек чөйрөсүндө кеп куруу жана сүйлөө көндүмдөрүнө, жарандык идентүүлүк түшүнүгүнө ээ. |

**10 - 11- класстар боюнча билим берүү жыйынтыктары жана көрсөткүчтөр.**

**10-таблица.**

| **10-класс** | **11-класс** |
|---|---|
| **1.1.1. Текстти окуганда андагы камтылган негизги жана кошумча маалыматты жетиштүү деңгээлде толук, так жана терең түшүнөт** | |
| 10.1. Тексттеги адамдар, фактылар, окуялар тууралуу маалыматтардын майда бөлүктөрүнөн бир бүтүн идеяны түзөт. | 11.1. Тексттеги маалыматтарды баалоо үчүн так, кыска далилдерди, цитаталарды, сөз берметтерин колдонот. |
| 10.2. Тексттеги адамдар, фактылар, окуялар тууралуу маалыматтарды иргеп, талдап, бөлүп карап, корутундулайт. | 11.2. Тексттеги маалыматтарга өз мамилесин билдирет, чечим чыгарат. |
| **1.2.2. Диалогдун негизги мазмунун, анын катышуучуларынын коммуникативдик ниетин угуп түшүнөт** | |
| 10.1. Диалогдун катышуучуларынын ниетин, айтылган окуянын келип чыгыш себептерин, натыйжаларын тактайт. | 11.1. Диалогдун катышуучуларынын ниетин, айтылган окуянын келип чыгыш себептерин, натыйжаларын тактайт. |
| **1.2.3. Коммуникативдик шартка ылайык сунушталган тема боюнча жазуу түрүндөгү продуктивдүү монолог түзөт** | |
| 10.1. Кептик тема боюнча тексттердин айрым түрлөрүн өз алдынча түзүп жазат. | 11.1. Кептик тема боюнча тексттин бардык түрлөрүн (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) өз алдынча түзүп жазат. |
| 10.2. Кептик тема боюнча өз оюн жыйынтыктуу баяндайт. | 11.2. Берилген көйгөйдүн тегерегинде ой жүгүртүп, тыянак чыгарат. |
| **1.3.4. Монолог кепте камтылган маалыматты: теманы, билдирүүнүн ар бир маанилик бөлүгүнүн негизги жана кошумча маалыматын жетиштүү деңгээлдеги толук жана тактык менен угуп түшүнөт.** | |
| 10.1. Уккан тексттеги каармандар, фактылар, окуялар тууралуу маалыматтардын майда бөлүктөрүнөн бир бүтүн идеяны түзөт. | 11.1. Уккан тексттеги маалыматтарды баалоо үчүн так, кыска далилдерди, цитаталарды, сөз берметтерин колдонот. |
| 10.2. Уккан тексттеги каармандар, фактылар, окуялар тууралуу маалыматтарды иргеп, талдап, бөлүп карап, корутундулайт. | 11.2. Уккан тексттеги маалыматтарга өз мамилесин билдирет, чечим чыгарат. |
| **2.1.5. Кырдаалдык-тематикалык минимумдун алкагында баарлашуу кырдаалдарында пайда болуучу ниеттенүүлөргө ылайык айтылган сөздү, сүйлөмдөрдү жазууда грамматикалык жана лексикалык көндүмдөрдү колдонот** | |
| 10.1. Окуп-үйрөнгөн грамматикалык түшүнүктөрдү өз алдынча | 11.1. Окуп-үйрөнгөн грамматикалык түшүнүктөрдү өз алдынча |

| | |
|---|---|
| колдонот. Кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнө окуп-үйрөнгөн лексикасын киргизет. | колдонот. Кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнө окуп-үйрөнгөн лексикасын киргизет. |
| **2.2.6. Фонетика, орфоэпия жаатында адабий нормага жана анын варианттарына ээ.** | |
| 10.1. Кыргыз тилинин сингармонизм мыйзамын өздөштүрөт. | 11.1. Фонетикалык эрежелерге ылайык туура сүйлөйт. |
| 10.2. Бир сөз ичинде үнсүз тыбыштарды артка карай ээрчиштирип (түнкү – түңкү, көрүнбө – көрүмбө, кыргызча – кыргысча) туура айтат. | 11.2. Орфоэпиялык эрежелерге ылайык туура сүйлөйт. |
| **2.2.7. Лексика жана фразеология жаатында адабий нормага ээ.** | |
| 10.1. Активдүү лексиканын, туруктуу сөз айкаштарынын жана фразеологизмдердин маанилик өзгөчөлүктөрүн билет, нормага ылайык колдонот. | 11.1. Өз сөз байлыгын өз алдынча байытат, терминдерди, жаңы лексиканы өздөштүрүү үчүн сөздүктөрдүн бардык түрлөрүн туура колдонот. “Манас” эпосундагы архаизм жана фразеологизмдердин маанисин түшүнүп колдонот. |
| **2.2.8. Орфографиянын негизги эрежелерин сактайт.** | |
| 10.1. Орфографиянын, пунктуациянын эрежелерин сактап, текстти туура түзүп жазат. | 11.1. Орфографиянын, пунктуациянын эрежелерин сактап, тексттерди туура түзүп жазат. |
| 10.2. Орфографиянын, пунктуациянын эрежелерин сактап, эссенин түрлөрүн, баяндамаларды өз алдынча жазат. | 11.2. Орфографиянын, пунктуациянын эрежелерин сактап, эссенин түрлөрүн, баяндамаларды өз алдынча жазат. |
| **2.3.9. Сунушталган темага жана коммуникативдик берилген шартка ылайык байланыштуу кепти өз алдынча жаратат.** | |
| 10.1. Өз оюн цитата, мисалдар менен далилдейт. | 11.1. Башкалардын алдында өз оюн кенен-кесири билдирип сөз сүйлөйт. |
| **3.1.10. Темага жана коммуникативдик шартка ылайык репродуктивдүү жана продуктивдүү мүнөздөгү монологдорду түзөт** | |
| 10.1. Кептик тема боюнча оозеки тексттин структурасына ылайык өз алдынча сүйлөйт. | 11.1. Кептик тема боюнча оозеки тексттин структурасына ылайык өз алдынча баяндайт, сүрөттөйт, ой жүгүртөт. |

| | |
|---|---|
| 10.2. Кептик тема боюнча өз оюн жыйынтыктуу баяндайт. | 11.2. Берилген көйгөйдүн тегерегинде ой жүгүртүп, тыянак чыгарат. |
| **3.2.11. Баарлашуу учурунда кеп адебинин нормаларын сактоо менен түрдүү диалогдорго катышат.** | |
| 10.1. Маалымат алуу максатына багытталган диалогго катышып, жыйынтыктуу баарлашат. | 11.1. Баарлашуу стратегиясына ылайык, маектешүүчүдөн көз карандысыз жагдайда суроолорду берип, интервью алат. |
| 10.2. Түрдүү кырдаалдарга ылайык, диалогдорду ролдоштурат. | 11.2. Диалогдун багытын башкарып, лидерлик позицияда маектешет, баарлашуунун темасын өзгөртүп, кызыктуу жана татаал сүйлөмдөрдү колдонот. |
| **3.3.12. Кыргыз элинин жана башка элдердин турмушунун жана маданиятынын улуттук өзгөчөлүктөрүн, гендердик теңчиликтин, социалдык инклюзиянын жана басмырлабоонун принциптерин билет.** | |
| 10.1. Тилдин адам жашоосундагы жана коомдогу ордун түшүндүрөт.<br>Кыргыз элинин маданий мурасынын эң маанилүү бөлүгү катары тилге жеке мамилесин билдирет. | 11.1. Кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары ролун түшүндүрөт.<br>Кыргыз элинин маданий мурасынын эң маанилүү бөлүгү катары тилге жеке мамилесин билдирет. |
| 10.2. Гендердик теңчилик тууралуу лидер катары өз оюн билдирет. | 11.2. Социалдык инклюзия жана социалдык басмырлабоо принциптери тууралуу башкаларга түшүндүрөт. |
| **3.3.13. Коомдо калыптанган социалдык жана илимий чөйрөлөрдөгү жүрүм-турум нормаларына ылайык баарлашууга катышуучулардын социалдык ролдорун өзүнө карата колдонот.** | |
| 10.1. Баарлашуу нормаларын билет жана аларды социалдык жана илимий чөйрөнүн талаптарына ылайык колдонот. | 11.1. Коомдо калыптанып калган коомдук-социалдык жана илимий чөйрөдөгү жүрүм-турум нормаларына ылайык баарлашууга катышат. |
| 10.2. Окуу-эмгек жана илимий чөйрөлөрдө академиялык кеп куруу жана сүйлөө көндүмдөрүнө ээ. | 11.2. Окуу-эмгек жана илимий чөйрөлөрдө академиялык кеп куруу жана сүйлөө көндүмдөрүнө ээ. |
| 10.3. Сүйлөгөндө өзүнүн кебин өзү көзөмөлдөө көндүмүнө ээ, өз кебинин тууралыгын баалайт. | 11.3. Сүйлөгөндө өзүнүн кебин өзү көзөмөлдөө көндүмүнө ээ, өз кебинин жана башкалардын кебинин тууралыгын баалайт. |
| 10.4. Мектептин окутуу тилинин таасиринен келип чыккан каталарды таап, оңдойт. | 11.4. Тилдин улуттук-маданий компонентин чагылдырган сөздөрдү, сөз айкаштарын колдонуудагы каталарды таап, оңдойт. |

## 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары жана ченемдери.

### Экинчи тил катары кыргыз тили предметинде окуучулардын жетишкендиктерин баалоо

«Кыргыз тили экинчи тил катары» предмети боюнча сабактарда окуучулардын жетишкендиктерин баалоо күтүлгүчү натыйжалар менен тыгыз байланышкан жана көрсөткүчтөргө негизделет. Класстагы баалоо объектилери болуп билим алуудагы окуучулардын жекече жетишкендиктери менен өсүшү саналат.

**Баалоонун негизги принциптери**

Окуучуларды баалоодо мугалим *калыстык, ишеничтүүлүк, жарамдуулук* сыяктуу негизги принциптерди жетекчиликке алышы зарыл.

*Калыстык*. Калыстык принциби бардык окуучулар бирдей шартта окшош сыноодон өтүшүн талап кылат. Маалыматтарды текшерүү калыстыгы мугалим үчүн дагы, бардык окуучулар үчүн дагы баалоонун так критерийлеринин болушун туюндурат.

*Ишеничтүүлүк*. Ишеничтүүлүк принциби ошол эле белгини кайталап өлчөөдө бирдей натыйжа алууга мүмкүнчүлүк берген педагогикалык баалоонун тактыгын билдирет.

*Жарамдуулук* – бул башка нерсе эмес, чын эле өлчөөгө тийиш болгон нерсе өлчөнүп жаткандыгын көрсөткөн баалоо усулунун аныктыгы.

**Баалоонун түрлөрү**

Окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктери менен өсүшүн өлчөө үчүн баалоонун үч түрү колдонулат:

**диагноздоочу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу** (1-схема).

**Диагноздоочу баалоо**

Прогресске баа берүү үчүн мугалим окуу жылы ичинде жетишилген натыйжалар менен окуучунун билгиликтеринин баштапкы калыптануу деңгээлине салыштыруу жүргүзөт. Диагноздоочу баалоонун натыйжалары сыпаттоо түрүндө катталып, жалпыланат жана мугалимдин окутуу милдеттерин аныкташына, окуучуга берилүүчү тапшырмаларды берүү жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизишине жана аны өркүндөтүшүнө негиз болот.

**Калыптандыруучу баалоо**

Калыптандыруучу баалоонун максаты – окуучунун жетишкендиги менен материалды жекече өздөштүрүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо, ошондой эле окуучунун ийгиликке жетиши үчүн сунуштарды иштеп чыгуу. Мугалим калыптандыруучу баалоону окутуунун жүрүшүнө өз убагында түзөтүү, пландоого өзгөртүү киргизүү үчүн пайдаланса, ал эми окуучу өзү аткарган иштин сапатын жакшыртуу үчүн пайдаланат. Окуучунун жөндөм деңгээли эмес, ал аткарган конкреттүү иш бааланат.

**Схема: Баалоонун түрлөрү**



Окутуунун аралык натыйжаларын баалоодо окуучулардын өзгөчөлүктөрү (ишти аткаруу тездиги, теманы өздөштүрүү жөндөмү ж.б.) эске алынып, окуучулардын жетишкендиктери менен өсүштөрүнө көңүл бурулат. Окуучунун өсүшү билим берүү тармагы менен предметтердин алкагындагы окутуу максаты болуп саналган белгилүү натыйжаларга жетүү катары аныкталат. Журналга баа зарылдыгына карай коюлат (катталат), мугалим окуучунун жекече өсүшүнө жүргүзгөн байкоолорун белгилейт.

**Жыйынтыктоочу баалоо**

Жыйынтыктоочу баа берүү окутуунун ар бир баскычында пландалуучу натыйжаларга окуучулардын жетишүү даражасын аныктоо үчүн кызмат кылып, *утурумдук, аралык жана жыйынтыктоочу* баалоодон түзүлөт.

- *Утурумдук* баалоо. Жекече аткарылган тапшырмаларды у*турумдук баалоо* баа берүү ченемдери (туура чечимдердин саны, кетирилген каталардын саны, тариздөө эрежелеринин сакталышы ж.б.) менен мугалим жана/же окуучулардын өздөрү берген өзүнчө ишти аткаруу критерийлерине жараша жүргүзүлөт. Мугалим окуучулардын окуу материалын өздөштүрүүдөгү өзгөчөлүктөрүнө жараша утурумдук баалоо жүргүзөт.
- *Аралык баалоо* предметтик стандартта аныкталган иштердин түрүнүн негизинде жүргүзүлөт:
    - кат жүзүндөгү иштер/булактар менен иштөө;
    - оозеки жооп /жүзачар;
    - долбоор, изилдөө иши, иштердин бөтөнчө түрлөрү;
    - портфолио (жетишкендиктер папкасы) ж. б.

Иштердин бардык түрлөрү баалоо критерийлеринин негизинде бааланып, милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан баалоо планын иштеп чыгууда алдын ала пландалат.

- *Жыйынтыктоочу баалоо* мектеп календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы) ылайык жүргүзүлүп, аракеттеги ченемдер менен баалоонун иштелип чыккан критерийлерге жараша жазуу түрүндө аткарылат.

Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана жыйынтыктоочу баалоодогу салыштырма катыш окутуу баскычтары менен предметтердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталат. Иштердин формасынын ар түрдүүлүгүн мугалим окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алып аныктайт.

# 4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР

## 4.1. Окутуу методикасына коюлган негизги талаптар

Билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук базага ылайык, окутуунун формаларын жана методдорун тандоо мугалимдин укугу болуп саналат. Мугалимдер окутуунун методдорун жана формаларын предметтин өзгөчөлүктөрүнө, ушул стандартта берилген билим берүү натыйжаларынын өзгөчөлүгүнө жана окуучулардын муктаждыктарына негизденип пайдаланышат.

Окутуу кыргыз, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде «Кыргыз тили" предметинин өзгөчөлүктөрү жана билим берүү натыйжалары окутуу методикасына карата аныкталган талаптарды көрсөтөт.

Предметтин максаты тил системасынын негизги элементтерин өздөштүрүү жана тексттин бардык түрлөрүн окуп/угуп аң-сезимдүү кабыл алуу аркылуу окуучулардын кеп ишмердигинин бардык түрлөрүн өнүктүрүү. Демек, предмет окуучунун коммуникативдик ишмердиги аркылуу анын кебин өстүрүүгө багытталат, бардык өздөштүрүлүп жаткан материалдар (анын ичинде тилдик материалдар да) ушул милдетти ишке ашырат. Анын кеби так, мазмундуу, инсанга багытталган мүнөздө болушу шарт. Ага жетүү үчүн сабакта жекече, топтук, жамааттык формалар колдонулуп, кызматташууга басым жасалат. Ошол эле мезгилде айрыкча көркөм тексттер окуп-үйрөнүлүп жаткан учурда окуучунун ою, жеке пикири, ага аргументтерди келтирип, далилдөө аракети өзгөчө маанилүү болуп саналат. Көркөм тексттер менен иштөөдө аны эмоциялуу-баалуулук мамилелери аркылуу кабыл алуусу, өзүн өнүктүрүүсү инсанга багытталган мамилени ишке ашыруунун негизи болот.

Мында дифференциялап окутууну, долбоор методун, өнүктүрүүчү технологияны, сынчыл ойломду колдонууга болот жана негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталышы шарт.

Окутуунун ар бир методу өзүнө мугалимдин окутуу ишин, окуучунун окуу таануучулук ишмердигин уюштурууну, ошондой эле сабакта кенже окуучуларга кептик ишмердүүлүктүн ар түрдүү түрлөрүн колдонууну камтыйт.

Функционалдык-коммуникативдик мамиле кыргыз тили экинчи тили катары окутууда окутуунун бардык этаптарында жана формаларында окутуучуларды кыргыз тилинде баарлашуу (коммуникация) процесстерине тез арада кошулушун шарттайт. Мында сабактардын кеп өстүрүүчү багыты максат гана эмес, максатка жетүүчү каражат катары каралат.

Төмөндө берилген ыкмалар тилди окутуунун аталган принциптерин ишке ашырууга жана окуучулардын негизги жана предметтик билгиликтерге ээ болушуна багытталган.

### I. Топтук усулдар

***Акыл-эске чабуул.*** Бул усул окуучулардын кырдаал же маселе боюнча ар түрдүү ойлорду эркин түрдө жана ачык айтышына шарт түзөт. Элестетүүнү жана чыгармачыл ой жүгүртүүнү өнүктүрөт.

Акыл чабуулу – бул кеңири белгилүү жана көп колдонулуучу интерактивдүү усул, анткени ал ар бир адамдын топтогу ишке катышуусуна мүмкүндүк берет.

***Чакан топтордо иштөө.*** Көпчүлүккө таанымал болгон бул усул бардык окуучулардын ишке катышуусуна жана жигердүү угуу же жалпы пикирди иштеп чыгуу сыяктуу билгичтиктерди практикада колдонушуна, чоң топтогуга салыштырмалуу анча кысталыш болбогон кырдаалда кызматташуусуна жана инсан аралык баарлашуусуна мүмкүндүк берет. Топторго убакыт көп сарпталат, ошондуктан топто иштөөгө дайым эле таяна берүүгө болбойт. Бул усулду окуучулар өз алдынча маселе чече албай калган учурларда колдонгон оң. Эгер сарпталган убакыт менен күч аракет ойдогудай натыйжа бербесе, ыкчам иштешүү үчүн «жуп-жубу менен иштеп, пикир алмашуу» усулун эле колдонуу керек.

***Курак (мозаика).*** Бул усулду колдонгондо окуучулар бири-биринен үйрөнөт. Өз ара окуп-үйрөнүү – бул предмет боюнча маалымат алып, кыйын материалды түшүндүрүү, суроо берүү, угуу, баарлашуу жана башка билгичтиктерди практикада колдонуунун эң натыйжалуу ыкмаларынын бири.

Бул ыкма окуучулардын кыска убакыт ичинде көп маалымат алышына мүмкүндүк берет да, кайсы бир деңгээлде лекциянын ордуна колдонууга ылайык келет.

## II. Оюндар

***Окутуп-үйрөтүүчү оюндар.*** Катышуучулар окутуп-үйрөтүүчү оюндарда берилген кырдаалдын алкагындагы конкреттүү маселеге жооп кылат.

***Сюжеттик-ролдук оюндар.*** Катышуучулар башка адам кандай кыларын сезишет, ойлонушат жана/же аткарып көрүшөт, же болбосо кайсы бир маселени же кырдаалды «ойноп» көрүшөт.

## III. Графикалык уюштургучтар (туташ эмес тексттер)

***Венндин диаграммасы.*** Бул диаграмма айырмалуу жана окшош белгилери бар эки жана андан ашуун өңүттөрдү кароодо анализ жана синтез жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Ал эки жана андан ашуун кесилишкен тегеректер түрүндө чийилет.

***Кластер.*** Кластерлерге бөлүштүрүү төмөнкү схема боюнча жүргүзүлөт:

- Урунттуу сөздү же сүйлөмдү чоң барактын же клас тактасынын (же жазуу үчүн пайдаланыла турган башка тегиздиктин) ортосуна жазгыла.
- Бул темага байланыштуу оюңарга келген сөздөрдү же сүйлөмдөрдү жаза баштагыла.
- Идеяларды жаралышына карай жазганча, алардын ортосунда өзүңөр туура келет деп ойлогон байаныштарды белгилей баштагыла.
- Убакыт бүтмөйүнчө же идеяларыңар толук айтылмайынча оюңарга канча идея келсе, баарын жазгыла.

## IV. Талаш-тартыштын түрлөрү

Бул усулдар окуучулардын кебин өркүндөтүп, логикалуу ой жүгүртүү, маселе чечүү жана чечим кабыл алуу көндүмдөрүн калыптандырат. Мындай көнүгүүлөр окуучулардын чыгармачыл жөндөмүн жана маселелерди терең талдоо көндүмүн өнүктүрүп, социалдык катнашты чыңдоого өбөлгө түзөт.

Талаш-тартыш окуучулардын жогорку деңгээлде ой жүгүртүүсүнө жана мугалимдин көзөмөлүсүз эле пикир алмашуу мүмкүндүгүн берет. Мунун натыйжасында маселелерди, жүрүм-турумдарды жана көз караштарды жамаат чогуу түшүнүүгө жетишет.

***Өз позицияңды ээле (пикирлер шкаласы).*** Бул усулду тема боюнча ар түрдүү пикирлерди көрсөтүү, окуучуларга өз ойлорун айтуу жана баарлашуу көндүмүн практикада колдонуу мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн кириш көнүгүү катары

колдонгон оң. Муну сабак соңунда окуучулардын теманы кандай түшүнгөнүнө баа берүү үчүн да колдонууга болот.

Бул усул класста талаш маселелерди талкуулоого ылайык келет. Талаш маселеге байланыштуу мыйзамдуу негизделген, тууру жообу жок, карама-каршылыктуу көз караштардын болушу керек.

## V. Долбоор усулу

Долбоор усулунун негизги максаты – окуучуларга ар кайсы предметтер боюнча алган билимдерин тутумдаштырууну талап кылган практикалык милдеттерди же маселелерди чечүү процессинде өз алдынча билим алуу мүмкүнчүлүгүн берүү. Мугалим мында координатордун, эксперттин, кошумча маалымат булагынын ролун аткарат.

Бул усулду колдонгондо окуучулар өз алдынча билим алууга жана колдонууга үйрөнөт, алардын катнаш билгилиги калыптанат, чыгармачыл жөндөмү, өзүнүн ишмердигин көзөмөлдөө жана баалоо көндүмдөрү өнүгөт. Сабактын убактысын долбоордун (долбоорлордун) тематикалык-семантикалык талаасын, маселесин жана максаттарын аныктоо ишин уюштурууга, ошондой эле долбоордун (долбоорлордун) жүзачарын өткөрүүгө жумшоо керек.

**Долбоор усулунун негизги баскычтары:**

**Даярдык баскычы** (маселени аңдап билүү жана аны чечүү мүмкүнчүлүктөрү) – топтун (жеке долбоордун) ишин көзөмөлдөө.

**Изилдөө баскычы:**

- долбоорду бөлүктөргө бөлүү;
- курамдык бөлүктөрүн талдоо: кайсынысы ашыкча? эмнелерди кошуу керек?

(окуучулардын ишмердигине баа берүү).

**Долбоордун курамдык бөлүктөрүн жүзөгө ашыруу** (ар түрдүү маалымат булактарынын пайдаланылышына, ишмердиктин пландалышына, ар башка эффектилердин колдонулушуна баа берүү).

**Долбоорду жактоо баскычы** (долбоорлук иштин тышкы жасалгаланышына, милдеттердин коюлушуна, долбоордун жакталышына баа берүү).

**Кыргыз тили боюнча долбоордо төмөндөгүдөй учурлар өзгөчө мааниге ээ болот:**

- тилди чыныгы баарлашуу кырдаалына мүмкүн болушунча жакындатылган кырдаалдарда (шарттуу-кырдаалдык жана реалдуу-турмуштук) колдонуу;
- окуучулардын өз алдынча (жекече жана топто) иштешине басым жасоо;
- окуучуларды абдан кызыктыра турган теманы тандоо;
- долбоордун темасына, максатына ылайык тилдик материалдарды, тапшырмалардын түрлөрүн жана иштин ырааттуулугун тандап алуу;
- натыйжаларды даана көрсөтүү.

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда негизги ресурс – текст.

**Текстти тандоого талаптар**

Мугалим сабакта текст менен иштөө мазмундуу болушун камсыздоо максатында төмөндөгүлөрдү объективдүү баалоосу зарыл:

1) текстте маалыматтар жетиштүү;
2) тексттеги маалыматтардын фактылары такталган;
3) текст сабаттуу түзүлгөн;
4) бул же тигил конкреттүү учурда айрым бир башка стилдеги же нормативдик эмес тилдик бирдиктердин колдонулушу негиздүү жана орундуу.

Текстти сабакта колдонууга тандоо жана даярдоо процессинде төмөнкүлөр болуш керек:

- Текстти кайсы жерде колдонулушуна, кайсы стилге тиешелүү экенине негиздеп тандайт.
- Жакшы тексттин параметрлери, б.а. коммуникативдик толук кандуу текст экени эске алынат.

**Окуу текстинин сапаты**

Текстте

- максатка ылайык / орундуу тилдик каражаттар колдонулат,
- тексттин маалыматтык-мазмундук, логикалык-композициялык, тилдик жана эстетикалык (стилдик) элементтери автордун максатына дал келет,
- коммуникативдик ашыкча фрагменттери жок,
- композициялык бөлүктөрү өз ара тең сакталган,
- маалыматтык ашыкча маанилик блоктору жок,
- автор атаган нерселер окурмандын түшүнүктөрүнө жана элестөөлөрүнө дал келет,
- материал логикалык ырааттуулукта берилген,
- адабий тилдин нормасына жат болгон элементтери жок.

Эгерде текстте маалыматтар жетиштүү болсо, окуучулар тексттин *тематикасын, проблематикасын, негизги оюн, максат жана милдеттерин* оңой аныкташат, б.а.:

- ой так берилсе,
- логикалык-композициялык структурасы ойлонулса,
- негизгиси бөлүнүп берилсе,
- тексттин максатына дал келген так кептик формулалар колдонулса,

Текст тандаганда тексттин бардык компоненттери жалпы максатка багынган мазмундуу текст жогору бааланат (теманын жаңылыгы, баяндоо тибинин жаңылыгы колго алынат).

**Тексттин мазмуну**

Окуу максаттарда тандалган тексттердин темалары төмөндөгү талаптарга жооп бериш керек:

- тарыхтын, илимдин жана маданияттын маанилүү фактыларын чагылдырган;
- жаш муундардын турмуштагы актуалдуу проблемаларын чагылдырган, окуучулардын өтө зарыл керектөөлөрүнө дал келген;

- окуу программасынын материалына таянган жана предмет аралык байланышты чагылдырган;
- окуучулардын дүйнө таанымына ылайык келген жана кызыгуу жараткан;
- жаңылык элементтерин, интрига же сюжеттүүлүк камтыган;
- көйгөйдү камтыган.

**Кептин типтери**

Кептин түрдүү типтерин айкалыштырган тексттерге артыкчылык берилет: *ой жүгүртүү, баяндоо, сүрөттөө*.

Тексттеги кептин типтеринин ар түрдүүлүгү окуучулардын көңүлүн активдештирип гана койбостон, мугалимдин тапшырманы туура формулировкалашын да бир топ жеңилдетет.

*Тексттеги негизги интеллектуалдык маалымат* дайыма кептин башкы тиби аркылуу берилет. Так ошол маалымат теманы түшүнүү үчүн олуттуу мааниге ээ, автордун негизги максаты ошол маалымат менен ишке ашат. Бул маалыматка автордун негизги фактылары жана ойлору (абал, ырастоолор), автордун тыянактары, кубулуштардын жана фактылардын бөлүнүшү кирет.

*Негизги эмес маалымат* майда-чүйдөсүн карайт, конкреттештирет, негизги маалыматты түшүндүрөт. Бул типтеги маалыматка мисалдар, аргументтер, негиздөөлөр, негизги эмес фактылар, айрым объектилер менен кубулуштардын мүнөздөмөлөрү, майда-чүйдөсүнө чейин сүрөттөөлөр, түрдүү комментарийлер, (түшүндүрүү эскертүүлөр, чечмелөөлөр) ж.б. кирет.

Окуу текстиндеги кошумча маалымат негизги маалыматтан көп болбошу керек.

**Окуу сабаттуулугу: текстти түшүнүүнүн деңгээлдери**

11-таблица

| Текстти түшүнүү деңгээли | Кыйынчылык деңгээли | Текшерилүүчү предметтик компетенттүүлүктөрдүн тизмеси | Суроолордун түрлөрү | Тексттик тапшырмалардын түрлөрү |
|---|---|---|---|---|
| **1.Жалпы түшүнүк** | **Билүү түшүнүү колдонуу** | 1) теманы жана тексттин негизги маанисин аныктоо<br>2) тексттин аталышынан теманы же негизги ойду табуу<br>3) Текстин түрлөрүн аныктоо<br>4) Кептин стилдерин аныктоо<br>5) жанрдын түрлөрүн атоо, саноо | Тексттин темасы кандай? Тексттин аталышы эмнени чагылдырат: Теманыбы же тексттеги негизги ойдубу? Берилген тексттерди эмне бириктирет?<br>Кайсы көйгөйлөр жөнүндө...<br>Кандай окуялар... Кандай өзгөрүштөр...<br>Каармандын ... эмне түрткү болду?<br>Автор кимди ... атайт / санайт? | • жооп тандоосу менен<br>• дал келүүсүн табуу<br>• ашыкчасын алып салуу<br>• маалыматты группировкалаштыруу<br>• ырааттуулукту аныктоо<br>• окшоштуктар, чектелген жооптору бар суроолор же ачык жооптору бар суроолор. |
| **2. Маалыматты аныктоо** | **Билүү түшүнүү колдонуу** | 6) текстти тез карап чыгуу<br>7) тексттин структуралык маанисин аныктоо жана керектүү маалыматты тандап алуу<br>8) суроодо өзгөртүлгөн керектүү маалыматты табуу<br>9) текстте камтылган маалыматтарды кошумча маалымат булактарынан алынган маалыматтар, жеке тажрыйба менен салыштыруу | Сен автордун пикирине кошуласыңбы? Өзүңдүн жообуңду аргументте.<br>... менен макулсуңбу? Жообуңду аргументте. | |
| **3. Текстти интерпретациялоо** | **Колдонуу анализдөө синтездөө** | 10) текстте камтылган маалыматтарды кошумча маалымат булактарынан алынган маалыматтар, жеке тажрыйба менен салыштыруу<br>11) тексттин мазмуну боюнча тыянактарды чыгаруу<br>12) пикирин далилдеген аргументтерди табуу,<br>13) тексттин аталышын түшүндүрүү | ... дал келтир.<br>Ушундай кырдаалда сен эмне кылат элең?<br>... айтылгандарды далилдеген аргумент / аргументтерди тексттен тап,<br>Тексттин аталышын кандай түшүнөсүң?<br>Текстти дагы кандай атаса болот? | • кеңейтилген ачык жооптору бар суроолор,<br>• окшоштуктар, аргументтештирилген жоопторду талап кылган тапшырмалар,<br>• олуттуу белгилерди бөлүп көрсөтүүгө тапшырма,<br>• объекттерди салыштыруу |
| **4. Тексттин мазмунуна** | **Анализ** | 14) эки же андан ашык тексттен айырмачылык табуу<br>4)тексттердин мазмунун салыштыруу | Автордун / каармандын позициясына өз мамилеңерди билдиргиле. Автор өз каарманына кандай мамиледе? | • ачык жооптору бар эркин тапшырмалар, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **карата рефлексия** | **синтез баалоо** | 5) негизги маалыматты негизги эмес маалыматтан айырмалоо<br>объективдүү жана субъективдүү маалыматты айырмалоо<br>15) текстте камтылган маалыматтарды реалдуу турмуштан алынган окуялар / фактылар менен салыштыруу<br>16) өз көз карашын аргументтештирүү | Өз пикириңерди негиздегиле.<br>Бул үзүндүдө сени баарынан көп эмне таң калтырды? Эмне үчүн? | • өз пикирин аргументтештирүүнү талап кылган суроолор,<br>• каталары бар тексттер,<br>• окуяларды кайра түзүүгө тапшырма. |
| **5. Текстти берүү формасына карата рефлексия** | **талдоо, синтездөө, баалоо** | 17) Иронияны, юморду, маанинин сөздөр аркылуу түрдүү берилишин табуу | Автор / каарман юморго ээби?<br>Тексттен мисал келтиргиле. | |

**Туташ илимий-окуп үйрөнүү тексттерин окуунун түрлөрү жана жолдору**

**12-таблица**

| **Үстүртөн окуу** | **Таанышып окуу** | **Изилдеп окуу** |
|---|---|---|
| | **МАКСАТЫ** | |
| Тесттин маанисин жана мазмунун жалпы кабыл алуу | Негизги маалыматты табуу | Текстти талдоонун жардамы аркылуу маанисине сүңгүп кирүү |
| | **НАТЫЙЖАСЫ** | |
| Чечим: текстти окуу же окубоо | Чечим: маалымат жеткиликтүү, же текстти кайрадан окуп чыгуу жана анализдөө | Тексттин бардык маанилик деңгээлдерин түшүнүү |
| | **ЖОЛДОРУ** | |
| – Теманы божомолдоо, тексттин аталышын анализдөө;<br>– Майда аталыштарын талдоо, сүрөттөрдү, схемаларды, алардын алдындагы жазылыштарды (эгерде бар болсо), шрифтик жана графикалык белгиленген | – текстти абзацтар боюнча окуу, ар бир абзацтын биринчи жана акыркы сүйлөмдөрүндөгү зат атоочторго көңүл буруу;<br>– Окуу учурунда маанилүү маалыматтарды белгилөө;<br>– Окуу учурунда шарттуу графикалык белгилерди коюу | – Тексттин маанилүү бөлүктөрүн белгилөө;<br>– тексттин окуп бүткөн бөлүгүнө таянуу менен кийинки бөлүмдөрдүн маанисин жана мазмунун божомолдоо;<br>– негизги сөздөрдү белгилөө;<br>– маанилик бөлүктөрүн кыскартылган варианттары, эквиваленттери менен алмаштыруу;<br>– тексттин деталдарын, көмүскө маалыматты |

| | | |
|---|---|---|
| жерлерди карап чыгуу,<br>– текcттин түзүлүшү менен таанышуу;<br>– тексттин биринчи жана акыркы абзацтарын кароо;<br>– бөлүмдүн аталышы менен таанышуу (эгерде бар болсо);<br>– аннотацияны окуу (эгерде бар болсо). | (окуп жаткан адамдын өзүнө түшүнүктүү болгон) | белгилөө;<br>– тексттин тигил же бул функционалдык стилге таандык экендигин аныктоо;<br>– текстти окуу учурунда жана окуп бүткөндөн кийин көйгөйлүү суроолорду түзүү;<br>– негизги ойлорду жазып алуу;<br>– тексттин түзүлүшүн жана анын бөлүктөрүнүн өз ара байланышын көрсөтүүчү графикалык схемаларды жана план түзүү;<br>– кайрадан иштеп чыгуу: берилген тексттин негизинде кайрадан текст түзүү;<br>– текстке окурмандын комментарийлери. |

**Туташ эмес илимий-окуп үйрөнүү тексттерин окуунун түрлөрү жана жолдору**

**13-таблица**

| **Таанышып окуу** | **Аналитикалык окуу** |
|---|---|
| **МАКСАТЫ** | |
| Тексттеги негизги маалыматты табуу | Тексттик маалыматты ачык жана ачык эмес түрүндө алып чыгуу |
| **НАТЫЙЖАСЫ** | |
| Тексттеги негизги маалыматты түшүнүү | Тексттеги бардык маалыматка ой жүгүртүү |
| **ОКУУНУН ЖОЛДОРУ** | |
| – туташ эмес тексттин түрүн аныктоо (таблица, схема, карта жана башка);<br>– тексттин түзүлүшү менен таанышуу, мамычалардын, саптардын, ж.б. санын аныктоо;<br>– негизги сөздөрдү (белгилерди, символдорду ж.б.) белгилөө;<br>– туташ эмес тексттин бардык маанилик блокторун белгилөө;<br>– туташ эмес тексттин негизги мазмунун формулировкалоо. | – тексттин түзүлүшүн анализдөө, мамычалардын, саптардын, ж.б. санын негиздөө.;<br>– белгиленген негизги сөздөрдүн (белгилердин, символдордун ж.б.) негизинде тексттин мазмуну жөнүндө бүтүн бир ойду түзүү;<br>– тексттин маанилик блокторун (элементтерин) алардын кеңейтилген эквиваленттери менен алмаштыруу;<br>– туташ эмес тексттин мазмунун ачык эмес түрдө көрсөтүлгөн маалыматты эске алуу менен баяндоо. |

### 4.2. Предметтик стандарттын талаптарын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берүүчү ресурстук камсыздоонун минималдуу талаптары

Экинчи тилди окутууда ресурстук камсыздоого карата минималдуу талаптар – стандарт боюнча 5-11-класстардын даярдык деңгээлине коюлган талаптарды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө багытталган окуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыздоонун минималдуу талаптары.

Аларга китеп басылмаларынын тизмеси (китепкана фонду), көрсөтмө басма жана электрондук колдонмолор, маалыматтык жана байланыш каражаттары, техникалык окуу куралдары, экрандык үн каражаттары, окуу практикалык жана окуу лабораториялык жабдуулары кирет.

**Кабинетке зарыл болгон каражаттар менен ресурстук камсыздоого минималдуу талаптар**

**14-таблица**

| № | Тип | Каражаттар |
|---|---|---|
| 1 | ОМК (электрондук жана басма түрүндө) | – Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен тизмеге ылайык сунушталган окуу-методикалык комплекстер |
| 2. | Кошумча окуу-методикалык жана башка материалдар | – ченемдик-укуктук документтер,<br>– окуу программасы, КТП<br>– мугалимдер үчүн методикалык колдонмолор<br>– жумушчу дептерлер ж.б. |
| 3 | Маалыматтык-коммуникативдик ресурстар | – телесабактар (5–11-класстардын “Кыргыз тили” предмети боюнча) |
| 4 | Дидактикалык материалдар | – басма түрүндө көрсөтмө демонстрациялык материалдар (плакаттар, иллюстрациялар, портреттер, таблицалар жана схемалар). |
| 5 | ТСО | – компьютер, компактдисктер, аудио жана видео дисктер, принтер |
| 6 | Экрандык-үн каражаттары | – штативдик же илинүүчү экран (минималдык өлчөмү 1,25 х 1,25), колонкалар, микрофон, наушниктер, аудиожазгыч, видеофильмдер, слайддар |

### 4.3. Мотивациялоочу жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү

Орто жана жалпы мектептик билим берүү чөйрөсү окуучулардын руханий-адеп-ахлактык, коомдук, илимий, маданий жана психикалык өнүгүүгө жетишүү милдеттерине тиешелүү сапаттуу билим берүүнү камсыз кылууда, окуучулар үчүн жагымдуу чөйрө болушу керек. Алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), окуучулардын физикалык, психологиялык жана социалдык саламаттыгын коргоого жана чындоого кепилдик берүүлөрү керек. Окуучуларга жана мугалимдерге карата ыңгайлуу шарттар болуусу шарт. Билим берүү чөйрөсү ар бир окуучуга билим берүүнү камсыздоо менен бирге анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга шарт түзүп берүү.

Билим берүү чөйрөсү – физикалык, психологиялык жана академиялык жактан жана бул аспектилеринин ар бирин окуучуларга жана мугалимдерди окутууга түрткү берүүдө маанилүү ролду ойнойт.

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде “Кыргыз тили” предметинде басымдуу физикалык чөйрө сабакта заманбап технологияларды колдонуп, жагымдуу мейкиндик түзүп, окутуунун эффективдүү ыкмаларын колдонуу менен түзүү.

Психологиялык чөйрө формативдик баалоону колдонуп, позитивдик бирин-бири колдоочу кайтарым байланыш түзүү, окуучулардын өз алдынча иштөөсүн, сабакта активдүүлүгүн колдоо менен, ошондой эле сабакта обьективдүү баалоо аркылуу түзүлөт.

Мотивациялык академиялык чөйрө окутуунун интерактивдик методдорун жана топтук иштердин формаларын колдонуу менен, окутуунун кошумча материлдарын, анын ичинде заманбап,

көркөм жана илимий-популярдык иллюстрацияланган тексттерди колдонуп, окуучулардын иштерин маалымат менен стимулдаштыруучу изилдөө жана издөө методдорун пайдалануу менен калыптанат.

Билим берүү чөйрөсү физикалык, экологиялык, психологиялык жана гендердик стереотиптерди алдын алуучу төмөнкү коопсуздуктарды эске алуу менен уюштурулат.

- Мектептин кеңсесиндеги бардык элементтер, алардын пайдаланылышынын санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана өрт коопсуздук, электр коопсуздук эрежелеринин ченемдик-укуктук актылары жана эрежелери коопсуздукту камсыз кылуучу талаптарга жооп берүү.
- Жалпы билим берүү уюмунун бардык бөлмөлөрүндө жасалма жана табигый жарык берүү деңгээли гигиеналык талаптарга жооп берүү менен камсыз кылынат жана жылуулугу нормага төп келүү.
- Электрондук маалыматтарды жана билим берүү чөйрөсүн пайдалангандыгы үчүн шарттар билим берүү мамилелеринин катышуучулары, санариптик билим берүү ресурстарынын коопсуздугу, билим берүү ишмердүүлүгүнүн коопсуздугу гигиеналык стандарттарга жана санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык, билим берүү ишмердүүлүгүн камсыз кылуу.

## АДАБИЯТТАР


1. "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 30-апрель 2003-жыл.
2. "Кыргыз Республикасынын расмий тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы "29.05.2000-ж.
3. Кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүүнүн концепциясы. - Бишкек, 2009.
4. Компетенттүүлүк" 4К": түзүү жана класста баалоо. Практикалык сунуштар. - М., 2019. // //URL:http://clck/ru/MKHn4.
5. Дискриминацияга каршы жана гендердик экспертизаны жүргүзүү методологиясы окуу-методикалык комплекстердин. КР ББИМ 16.09.2019-ж. 1096/1 буйругу менен бекитилген. (3-тиркеме). - Б., 2019. // URL:http://clck/ru/ecXuH.
6. Балыхина Т.М. Методика преподавания русского языка как неродного (нового): Учебное пособие для преподавателей и студентов. – М.: Издательство Российского университета дружбы народов, 2007.
7. Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы. – Бишкек, 2012.
8. Кыргыз Республикасындагы орто жалпы билим берүүдө билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. – Бишкек, 2022. (КР Министрлер Кабинети 2022-жылдын 22.07. № 393 токтому).
9. Кыргыз Республикасындагы көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы. – Бишкек, 2008.
10. Кыргыз Республикасындагы мектептерде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. – Бишкек, 2006.
11. Оценивание учебных достижений учащихся. Методическое руководство / Сост. Р. Х. Шакиров, А.А. Буркитова, О.И. Дудкина. – Б.: «Билим», 2012.
12. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5–11-класстары үчүн “Кыргыз тили” окуу китептери:
    1. Джусупбекова Н.С., Оморова А.А., Чепекова Г.С., “Кыргыз тили” 5-класс үчүн окуу китеби. Бишкек, “Аркус”, 2018.
    2. Джусупбекова Н.С., Оморова А.А., Чепекова Г.С., “Кыргыз тили” 6-класс үчүн окуу китеби. Бишкек, “Аркус”, 2018.
    3. “Кыргыз тили”. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 7-класстары үчүн окуу китеби. Оморова А.А., Осмонова П.С., Абылкасымова Т.Н., Узекеева А.А. Бишкек, “Аркус” 2021-ж.
    4. “Кыргыз тили” практикалык курс. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин жогорку класстарынын окуучулары үчүн колдонмо. 2020-ж. (10-11-

класстардын окуучуларынын тилдик компетенциясын жогорулатуу ОМК) Түзүүчүлөр: А.А.Оморова, З.Абдышова, Т.Жороев, Н.Жумаев, А.А.Узекеева.

13. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери, Б., 2017, методикалык колдонмо.
14. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5–11-класстары үчүн “Кыргыз тили” методикалык колдонмолор:
    “Кыргыз тили” Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-6-класстар үчүн методикалык колдонмо. Джусупбекова Н.С., Оморова А.А., Чепекова Г.С. Бишкек, “Аркус” 2018-жыл. 208 бет.
    “Кыргыз тили” Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 7-класстары үчүн методикалык колдонмо. Оморова А.А., Узекеева А.А. Бишкек, “Аркус” 2021-ж.
    “Кыргыз тили” практикалык курс. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин мугалимдери үчүн колдонмо. 2020-жыл. (10-11-класстардын окуучуларынын тилдик компетенциясын жогорулатуу ОМК) Түзүүчүлөр: А.А.Оморова, Булатова В.А. Р.Ү.Ибраимова.
15. Б. Абдухамидова, Кыргызча кеп адеби, методикалык колдонмо, Бишкек, 2008.
16. Пассов Е. И. Основы методики обучения иностранным языкам. – М., 1977.
17. Рысбаев С., Добаев К., Абдухамидова Б. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясы. – Кутбилим, 2012.
18. Рысбаев С, К., Акматова А.А., Калманова Э.К., Абдухамидова Б.А., Эсеналиева К.Э. Кыргыз тилин окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде окутуунун мамлекеттик стандарты‖. – Бишкек, 2006.
19. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы. – Бишкек, 2021.
20. Т.Асанакунов, Кыргыз тилинин жөндөмөлөрүн окутуу аркылуу окуучулардын кебин өстүрүү, методикалык колдонмо, Б., 2010.
21. Эсеналиева К. «Интерактивдүү окутуудагы формативдик, суммативдик баалоо». ISSN 1026-9045 206-210-бб. 526 б. Бишкек//Кабарлары КББА. 2010.
22. Эсеналиева К Кыргыз тилин окуп-үйрөнүүдө деңгээлдер боюнча компетенттүүлүктөрдү баалоо. БбИМ грифи 246 б. КР Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармасынын алдындагы «Типография» мамлекеттик ишканасы. Бишкек, 2014
23. Эсеналиева К. Азыркы педагогикалык процесстеги интерактивдүү окутуунун абалы. Мектеп-Школа, 2006,№3, стр. 78.
24. Эсеналиева К. Кыргыз тилин экинчи тил катары окуп-үйрөнүү деңгээлдер боюнча аныктоонун, жашоо-турмушта колдонуу компетенттүүлүгүн баалоонун айрым маселелелери. ISSN 1026-9045//Кабарлары КББА. №2(26) , Бишкек, 201375-81-б.
25. Эсеналиева К. Стандарттардагы компетенттүүлүктөрдүн негизинде сабакты пландоонун теориясы, практикасы Бишкек 2019-ж 20 бет, 1,5 б.т. «Maxprint»
26. Эсеналиева К. Заманбап сабакты жаңы стандарттардагы компетенттүүлүктөргө негиздеп пландоонун технологиялары. Бишкек 2022-ж 90 бет, 2,514 б.т. «Maxprint»